Джереми Хензелл-Томас

# БИЛИМДИН КҮЧҮ



**Джереми Хензелл-Томас**
**Jeremy Henzell-Thomas**

# БИЛИМДИН КҮЧҮ

# THE POWER OF THE EDUCATION

Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)

*Бишкек - 2021*

**УДК 37.0**
**ББК 74.00**
**Д 40**

Автору: **Джереми Хензелл-Томас**
Билимдин күчү/
Которгон: **А. О. Ибраев.** – Б.: 2021. – 34 б.
Китептин редактору: **Беделбек кызы Вера**

Бул китеп жалпы окурмандарга, билим берүү тармагын жана ислам динин изилдегендерге өтө пайдалуу. Бул китептин өзгөчөлүгү – билим берүү системасына болгон жаңы көз карашты сунуштайт.

Китеп “Ихсан Хайрия” коомдук фонду тарабынан жарыкка чыгарылды

**Бул китеп Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы тарабынан тастыкталган. № 96**

**Билимдин күчү (Kyrgyz)**
*Джереми Хензелл-Томас*

© Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)
1442 AH / 2021 CE
*Paperback* ISBN: 978-9967-9330-1-9

**The Power of the Education (Kyrgyz)**
*Jeremy Henzell-Thomas*

The International Institute of Islamic Thought (IIIT)
1439 AH / 2018 CE
*Paperback* ISBN: 987-1-56564-568-4
IIIT
P.O.Box 669
Herndon, VA 20172, USA
www.iiit.org

Бардык укуктар корголгон

**УДК 37.0**
**ББК 74.00**

# КИРИШ СӨЗ

Учурдагы билим берүү тармагындагы көйгөйлүү маселелерди чечүү максатында «Мусулман коомчулугунун билим берүү тармагын өнүктүрүү» долбоору иштелип чыккан. Бул чөйрөдөгү курч маселелерди чечүүгө багытталган чукул сүйлөшүүлөр өткөрүлдү. Долбоордун демилгечилери менен Уилсон борборунун кызматташуусунун негизинде 2013-жылдын 9-10-декабрында «Мусулман коомчулугундагы жогорку билимди реформалоо» деген аталыштагы 2 күндүк симпозиум Вашингтон шаарында болуп өттү. Бул саамалыкты улай эле, профессор Зиауддин Абделвахаб Эл-Аффенди жана доктор Джереми Хензел Томас тарабынан жазылган эмгектердин жыйынтыгы менен Ислам ойлору Эл аралык институтунун (IIIT) Лондондогу офиси 2014-жылы Улуу Британияда бир нече жолугушууларды уюштуруп жатты. Кийинчерээк бул эки аалымдын эмгектерин, профессор Зиауддин Сардар «Жогорку билим берүү системасындагы эски түшүнүктөрдү жоюуу же билим берүүдө исламдаштыруудан интеграция (биригүү) жолуна өтүү»-деп бир идеяга бириктирип жазган. Ал эми экинчи дүйнөлүк масштабдагы «Мусулман коомчулугундагы билим берүүнү реформалоо» аттуу конференция 2016-жылдын 18-19-мартында Стамбул университетинин Дин таануу факультети жана МАҮНА тарабынан уюштурулган. 2015-2017-жылдардын аралыгында көп сандаган тегерек үстөлдөр Стамбул, Конья, Брюссель, Вашингтон, Кейптаун, Лондон жана дүйнөнүн башка шаарларында байма-бай өткөрүлүп жатты.

«Мусулман коомчулугундагы билим берүү тармагын өнүктүрүү» долбоорунун алкагындагы иш-чараларынын негизинде 2017-жылы басылып чыккан профессор Зиауддин Сардар жана доктор Джереми Хензелдин «Мусулман коомчулугунун жогорку билим берүү системасындагы эски түшүнүктөрдү жоюу» аталышындагы автордук эмгеги 2018-жылы кыскартылган түрдө кайра басылып чыкты. Зиауддин Сардардын дагы бир билим берүүгө багытталган «Постнормалдуу учурдун окурмандары» деген эмгеги Постнормалдуу саясат жана келечекти изилдөө борборунун кызматташуусу менен басууга даярдалып жатат. Мындан тышкары, Анн Эль-Мослиманинин «Балдарга билим берүү, адеп-ахлак, руханийлүүлүк жана билим берүүнү өнүктүрүүгө болгон бирдиктүү көз караш» аттуу эмгектери азыркы учурда өндүрүштө.

Билимдүү аң сезим – зор күчкө ээ, ошондон улам бул макаланы «Билимдин күчү» деп атадым. Билим алуунун мааниси жана мүнөзү адам өзүнүн пайдасы үчүн интеллектин өнүктүрүп гана калбастан, коомдук түзүлүштүн баа жеткис курамы болушун түшүндүрөт. Бул ар бир адамдын, коомдун жана жалпы адамзаттын келечегинин пайдубалынын негизи. Ошондуктан бул тармак мындан ары да, кайра карап чыгуу (же эски түшүнүктөрдү жоюу, калыбына келтирүү жана өнүгүү) үчүн маанилүү багыт бойдон кала берет.

Жогоруда айтылган ой-пикирлерди талдоо менен бирге «Мусулман коомчулугундагы билим берүү тармагын өнүктүрүү» долбоору интеллектуалдык өнүгүүнүн канчалык деңгээлде маанилүү экендигин көрсөттү. Алардын максаты, бир нукка салынган окуулардын негизинде үзгүлтүксүз билим алып, ошол билимдерди жеке инсандын жана бүткүл адамзаттын жыргалчылыгы үчүн гана пайдалануу. Ошону менен катар эле долбоордун алкагында билим берүүнүн көптөгөн аспектилери, эң маанилүү болгон билим берүүнүн максаттары, негизгиси этика, мораль сыяктуу жалпы баалуулуктарды кайра жандандыруу, мурда көңүл бурулбаган материалдык өсүү, инсандын жекече өсүшү тууралуу окутулуп жаткандыгы - максатка ылайыктуу.

Бүгүнкү күндөгү, билим берүүнүн жан күйгүзгөн максатынын баалуулугу – өз ара сый мамилеге адеп-ахлактык көз караш менен кароо, ырайымдуулук, коомдук жоопкерчилик экендигин студенттерге түшүндүрүп жеткирүү абдан маанилүү. Бул мурда кабыл алынган жүрүм-турум эрежелери, ошону менен катар эле заманбап билимдерди колдонууну, моралдык этикалык адеп-ахлактын нормаларынын коомго болгон таасирдүүлүгүн талдоону, кандай принциптерди баш кылып иштеп жаткандыгын жана бул курамдын фундаменталдык базасын, руханий бүтүндүүлүгүн кайра карап чыгууну же болбосо кайра жаңысын кабыл алууну талап кылуусу мүмкүн.

«Мусулман коомчулугундагы билим берүү тармагын өнүктүрүү» долбоору, бир идеологияны көздөгөн кууш көз караштарды четке кагып, анын ордуна заманбап ар тармактуу коомдун жаңычыл универсалдуу ой жүгүртүүлөрүн колдоп кубаттайт.

Бул макала биринчи жолу «Сынчыл мусулман» журналынын апрель-май айындагы 14-санында «Күч» деген аталыш менен жарык көргөн. Ага чейин да, автор тарабынан сунушталган ой-пикирлер «Мусулман коомчулугундагы билим берүү тармагын өнүктүрүү» долбоору менен биргеликте басылып чыгып, анын негизинде дебаттар, талкуулар өткөрүлүп турган.

# БИЛИМДИН КҮЧҮ
# СОКРАТ ЖАНА БААРЛАШУУНУН ТААСИРДҮҮЛҮГҮ

Мен бул макаланы жазып жатканда «The times» гезитинин негизги бетине, Британия музейинин жетекчилиги дүйнөлүк эксклюзив болгон Парфенон мрамор айкелдеринин бирин Санкт-Петербург шаарынын Мамлекеттик Эрмитажына ижарага берип жаткандыгы тууралуу айтылат. Андан ары белгилүү басылмалар бул көркөм чыгарманын музей тарыхында биринчи жолу сыртка чыгарылып, Россия мамлекетине берилип жаткандыгын, улуу падыша айым Екатерина II, 1764-жылы Россия Империясынын *Европа Агартуусуна* катышууга уруксат бергендиги менен түшүндүрдү. Албетте бул саамалык Батыш менен Кремлдин ортосундагы муздак согуштун жалындары тутанып турган кезде, эки улуттун өкүлдөрүн бириктире турган, жолугушуу болмок. Музей жетекчиси Нейл Макрегордун ишениминде, музейлер аралык карым-катнаш - маданияттын күчү эки элдин достугуна көпүрө болуп берээри, саясий басым күчөп турган учурда аябай маанилүү.

Бул кудай сымал мрамор айкел байыркы Афинанын аймагынан агып өткөн Илиссос дарыясынын эстелиги катары жөнөтүлүп жатат. Музей жетекчиси Макрегордун айтуусуна таянсак, дал ушул дарыяны жээктеп, бактардын көлөкөсү астында улуу философ Сократ менен Фёдрдын диалогдору жаралган. «Алардын баарлашуусу сулуулук жана анын баалуулугу, сүйүүнүн адеп-ахлагын өзүнө камтып, бүгүнкү интеллектуалдык суроолорго жооп жана саясий эркиндикке жетишүүдө бул философтордун диалогу негиз болуп бере алат». Өнүккөн Европа жана Байыркы Афина үчүн да негизги баалуулуктардын көркөм символу бойдон кала берет.

Мен муну менен Макрегордун диалектиканы улуулаган көз карашына сын айтып, кынтык табайын деген оюм жок. Тескерисинче, билимдин күчүнүн негизги өзөгүн түзгөн аксиома катары карагым келет. Ошого карабастан, Сократ эмне үчүн өлүм жазасына тартылганын эстеп көрөлү, Платондун айткандары боюнча эскерсек, ошол доордун коому үчүн сайгактай болуп, уктатпай, кишини кыймылга келтирип турган. Кыңылдап кыжырга тийген көгөнгө салыштырган жайы бар. Мага бул нерсе Зиауддин Сардардын «Сынчыл мусулман» журналынын жакынкы санында чыккан «Кооптуу эркин ой жүгүртүүчүлөр» же «Эркин ойлоочулар» деген макаласын эске салды. Ал: «Эркин ой жүгүртүүнүн кооптуулугу – ал жөнөкөй бир жактуу, жаңы агымдарды кабылдабаган диний көз караштарга каршы келип, анын үстүнөн бийлик жүргүзүүсүндө», – деп жазат. Ал эми Сократ жөнүндө айтсам, ал куугунтукталып, сүргүнгө айдалса да, мамлекет башкаруучуларынын кыжырын келтирүүнү уланта берген.

Сократ өзүнүн гана даанышман, мааниси курч ой толгоолоруна, көз караштарына байланып, өзүнүн эркин ой жүгүртүүсүн, ошол кездеги динге, табияттан тыш күчтөргө каршы деген атты жамынып алган догмалык идеологияга да алмаштырбаганын же триумфализмди колдоп, бир эле көз караштын үстөмдүк кылуусун каалабаганын, ар дайым эске сакташыбыз керек. Азыркы күндө биздин арабызда болгондо биз аны илимий материализм, фундаментализм, диний жана диний эмес агымдардын өкүлү же жактоочусу катары да көрө алмак эмеспиз, ошондой эле ал өздүк нарциссизмди четке каккан биринчи инсан болмок, мунун себеби ал кадыр-баркты, атактуулукту жээригенинде эмес, өзүнүн карапайымдуулугунан көптү билбестигине ынанганында. Профессор Сардар да, «Билимдүүлөр – чындыкты карапайымдуулук менен гана билүүгө болоорун билишет» деген сөздү ар дайым айтып келет. Сократтын акылмандуулугуна ынанбаган Афиналык төбөлдөр, Дельфидеги Апполон храмындагы төлгөөчүгө барып, «Бул дүйнөдө Сократтан акылдуу адам барбы?» - десе, төлгөөчү андан акылдуу жок деп жооп бериптир. Буга таң калган Сократ өзүнүн эч кандай акылман болгон эместигин айтып, төлгөөчүнүн эмне үчүн мындай деп айтканын түшүнүү максатында, накта акылманды издеп сапарга чыгып элдерден сурамжылап баштайт. Акыр аягында ал мындай жыйынтыкка келет, сурамжылангандар өздөрүн акылдуу деп ойлошобу же жокпу, бирок ал өзүн эч кандай акылман деп эсептебейт, өзүнүн кемчилигин мойнуна алган жалгыз карапайым болгондугу - аны башкалардан акылдуу көрсөтүп тургандай. Бул жагынан алып караганда, ал төлгөчүнү туура айтты деп ойлогон.

Платон «Кечирим» атуу эмгегинде Сократтын беш жуз калыстын алдындагы соттолуу жараянын көркөм сүрөттөп берет, Б. Раселдин айтымында, Сократ эч кандай кечирим сурап, башка жаза берүүнү өтүнгөн да эмес. «Анын жашоодогу жетишкендиги – өзүн толугу менен жан дүйнөнүн өнүгүүсүнө, акылмандыктын ачылышына арнап, чындыкка берилгендигинде» - деп айткандары буга далил болуп бере алат.

Көрүнүктүү христиан байкоочусу, саясий ишмер, коомдук ойчул, адабияттын таасирдүү инсаны Томас Мертон, жашоо жөнүндөгү ойлорубузду түшүнө баштап, аны ишке ашыруунун зарылчылыгы жөнүндө, терең ишеним менен мындай деп жазат: «Адам - кыймыл-аракетинин толугу менен аң-сезимдүү, себеби аң-сезим менен тулку бойду бөлүп кароого болбойт, жашоону өзүбүз туура деп ойлогондой өткөрүшүбүз керек, антпесе эмне үчүн жашап жатканыбызды да билбей калабыз».

Эгер сиз интернеттен «Билимдин күчү» деген терминди издеп көрчү болсоңуз, жарым секунддун ичинде бир жарым миллиард маалымат чыгат. Арасындагы он эң мыкты жыйынтыктын ичинен «Билимдин мааниси өтө терең - бул билим алуу эле эмес, адамдардын жеке өнүгүүсүнө саясий активдүү болушуна мүмкүнчүлүк берет, бирок буга башкаруучулар ар дайым кызыкдар

боло беришпейт» деген аныктама Deutch Welle сайтында манифест катары эсте калды. Билим алуу - адамдын эң негизги укуктарынын бири. Билим - саясий өнүгүү, демократиялык, коомдук акыйкаттык үчүн, өз бийлигинен кыянаттык түрдө пайдаланган авторитардык башкаруучуларга каршы турган адамдардын тобу үчүн да куткаруучу күч, ошондой эле коомго коркунуч жараткан цензурасыз келечекти аңдап билүүгө мүмкүндүк берет.

Бул жерде жеке адам өнүгүүсүн авторитаризмге, эркиндикке жана социалдык акыйкатчылыкка каршы туруу менен айкалыштыруу керек. Куранда коомдун жана кеңири дүйнөнүн өзгөрүшү баарынан мурда жеке өзгөрүүлөргө негизделиши керектиги ачык-айкын көрсөтүлгөн: «Адамдардын ички дүйнөсүн өзгөртмөйүнчө, Кудай алардын абалын өзгөртпөйт «(13:11). Мухаммед Пайгамбардын (с.а.в): «Өзүн билген адам Раббисин тааныйт» деп айтканы, ошондой эле чоң жихадды (ал-жихад ал-акбар) адамдын өзүнүн терс сапаттарына каршы күрөшүү катары сүрөттөгөнү кабарланган. Байыркы гректердин «Өзүңдү тааны» (gnothi seauton) деген накыл кеби Дельфинин санат сөздөрүнүн катарын толуктоо менен, Аполлон храмындагы дубалдарга жазылып, Платондук Академиянын жетектөөчү насаат-урааны катары тарыхта калган.

Мертон, жеке өзгөрүүлөргө, өзүн таанып-билүүгө негизделбеген активизмдин кооптуулугу жөнүндө мындай деп айтат: «Өзүндө эркиндик, бүтүндүк, сүйүү жөндөмү тууралуу терең түшүнүк жок туруп, башка бирөө же бүт дүйнө үчүн жан күйгүзгөндөр: жадатма ой, агрессия, өзүмчүл амбиция, максат жана аны ишке ашырууда башкаларды да тескери жолго салып, жок нерсеге ишенген адам сыяктуу, бир жактуу жалган көз караштарынан бөлөк эч нерсе бере албайт».

Өзүм жазып жаткан макала тууралуу интернеттен маалымат издеп көргөнүмдө, эң эле көрүнүктүүсү же азыркы тил менен айтканда «хит» болгон цитата Нельсон Мандельге таандык экен, «Билимдүүлүк же билимдүү болуу – дүйнөнү өзгөртүүдөгү эң күчтүү курал». Интернет булактарынын сап башында турган ондогон сайттардагы маалыматтар да, бир оороздон дүйнөгө болгон көз караштарды өзгөртүү менен, өз жашообузду өзгөртө алаарыбызды тастыкташат. Дагы бир терең маанини камтыган «Улуу билимдин кубулма күчү – бүт нерсени өзгөртүп жиберүүгө кудуреттүү» деген цитатаны эстеп калбасам эле, калган ресурстар даяр контексттен алынган цитаталар экен,мааниси жагынан сандырак эски ойлордон бир аз эле өйдө турбаса, бир эле ойду туюндурган маалыматтар, ар кайсы сайттарда кайталана берген. Интернетке бирөө маалымат киргизээри замат, Евангелианын чындыгы сыяктуу бүт жакка тарап кетет. Сайттардагы материалдар жалпыга белгилүү, баналдуу болуп, мантрадагы окшош кайрыктар, лозунгдар сыяктуу кайталана берсе, сайттардын жеткиликтүү экендиги да мааниге ээ болбой калат. Ошол эле учурда цитаталардын жалпы жонунан популярдуу болуп, элге жайылып рейтингинин көтөрүлүп

кетиши, маанисине эмес, сайтка баш баккан колдонуучулардын же болбосо «хиттердин» санына жараша болот.

Топ хиттердеги же көпчүлүктүн ою боюнча «Билимдүү болуу менен өзүңдү жана дүйнөнү өзгөртө аласың» деген жөнөкөй, бирок терең маанини камтыган идеяга каршы чыгуунун өзү туура эмес деп ойлойм.

Келгиле «power» деген англис сөзүн талдап көрөлү, индоевропалык уңгусу «poti», ал эми латын тилинде «potere» (жасай алуу, жөндөмдүү болуу). Күч, потенциял,мүмкүнчүлүк деген сөздөрдүн келип чыгуу булагы болуп эсептелет, ал эми санскрит тилинде «patih» «ээ» болуу дегенди түшүндүрөт. Демек, билимге ээ болуп, аны туура колдонсоң, башкаларга да жакшылык кылып, пайда бере аласын.

Билим бизге – өзүбүздү башкарып, өз жашообузду, башкалардын жашоосун өзгөртө алышыбыз үчүн «изденүү, изилдөө» сыяктуу жөндөмдүүлүктөрдү тартуулашы керек.

## ИЗИЛДӨӨ ЖҮРГҮЗҮҮ ЖАНА ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ ОКУУ ЖАРАЯНЫ

Өзгөрүлүү бул – билгениңден биле элегиң көп экендигин белгилеген, ачык изилдөөлөрдүн үзгүлтүксүз жүрүшү. Бул нерсенин бир гана интеллектуалдык тармакта эле эмес, диний багытта дагы чындыгы бар. Ар бир кадам таштаган сайын бүт тараптан чындыкты түшүнүү үчүн жаңы жолдор ачыла берет, анткени Жаратуучунун кайра калыбына келтирүүчү касиети ушундай. Ар тараптан өзүн сынап көрүү – адамга өзүнө болгон ишенимди берет. А бирок руханий ишенимдин арсардыгы, китепти ачпай туруп, ал жөнүндө, акылы тайкы, түшүнүгү тар, жалган ишенимдерден турат деп айтканга барабар. Адамдын ар дайым, билим алып, өнүгүүсүнө тоскоол болгон абалды Ибн Араби «көзү тумандап, Кудайдын чексиздигине шек келтирүү менен топтолгон далилдердин баарын жокко чыгарган кумулятивдик жараян жүрөгүбүзгө «текеберчиликти» орнотуп койгондугунда» – деп түшүндүрөт. Анын айтымында, Кудайдын жаратууларына жана ишмердүүлүгүнө чек жок, ошондуктан биз улам жаңы ачылыштарга күбө боло беребиз жана бардык нерсенин чеги кайда барып бүтөт деген суроого жооп табылбайт. Бул жөнүндө Куранда да айтылган: «Эгерде жер үстүндөгү дарактардын баарысы калем болуп, ал эми деңиздер, ага кошулуп дагы жети деңиз сыя боло турган болсо да, Аллахтын сөздөрү түгөнбөйт. Акыйкатта, Аллах – Ызааттуу, Даанышман». (31-27)

Бул токтоосуз ачылыш жараянына бир аз жакындатылган окшоштукту, Байыркы Кытайдын Сун династиясынан калган чоңунун ичине кичинеси салынган кутучаларга салыштырып тапсак болот. Кутучулардын, андан соң баа-

рына белгилүү орус куурчактарынын (матрешкалар) пайда болуусуна себеп болгон эң кичине кутучага салттуу түрдө бир эле күрүчтүн даны салына турган. Албетте, кутучалардын (физикалык кеңдигин, чектелген мүмкүнчүлүктөрүн жана жасалуучу каражатты эске алып) эң кичинекей өлчөмдөгү кутучаны жасаганга мүмкүн, а бирок ошол эле кутучалардын биринин артынан экинчисин чоңойтуп жатып, эң чоң өлчөмүн жасай албаганыбыз, материянын акыры барып токтой турган аягы жок экендигин түшүндүрөт.

Билим бизге – изилдөө жана окууну уланта турган, андан сырткары, жүрөгүбүз менен акылыбызды бардык окуулардын булактарына, Түбөлүктүүлүгө, Кайра жаратуучунун күчтөрүнө ачып бере турган жөндөм бериши керек.

## БҮТҮНДҮҮЛҮК, БӨЛҮНҮҮЧҮЛҮК, ӨЗГӨРҮЛҮҮ

Эйнштейндин жолдоочусу Физик Дэвид Бом – негизги жана бөлүнбөс, бир бүтүн болгон физикалык форманын, токтоосуз жайылып, кайра бир формага чогулуп калган кубулушка «импликативдүү (тыгыз байланышкан) тартип» деп аныктама берген. Муну менен «ааламдын ар бир бөлүкчөлөрүн башка бөлүкчөлөр менен тыгыз байланышы бар» деп түшүндүрүп жатат. Буга Уильям Блейктин «кумдун бир бүртүгүнөн бүт дүйнөнү көрүүгө болоорун» сүрөттөгөн голографиялык кубулушу тек гана адабий фантазия эмес, балким далил болуп берет. Ошондой эле заттардын бир бүтүндүүлүгү жана өз ара тыгыз байланышы – Жон Стюарт Беллдин илимий ачылыштарынын негизи болгон. Ал, ааламдын ар бир бөлүкчөсү башка бир бөлүкчө тууралуу маалымат алып жүрөт, анткени алар табияттын сингулярдуулук (лат. Singular жалгыз) мыйзамы менен башынан «чатышкан», бир булактан пайда болгон деп түшүндүрүп берген. Физикалык формалардын көп түрдүүлүгү белгисиз жана ар дайым өзгөрүлмө, бирок бул биз өзгөртө албай турган чындык, биздин жана бардык заттардын пайда болгон жана кайтып баруучу ордубуз бар. Биз өз Жаратуучубузга кайтып барабыз. «Бардык нерселерди биз жуп кылып жараттык. Мүмкүн силер эскертме (насаат) алаарсыңар». (51:49)

Бом ар бир нерсени өзүнчө бөлүп караган, бир бүтүндүүлүккө жана байланышка негизделбеген, биздин ой жүгүртүүбүз аркылуу пайда болгон көйгөйлөрдү көрсөтүп жатат. Мындай ой жүгүртүү башаламан, аягы жок уруш-жаңжалдарга, социалдык, саясий, экономикалык, экологиялык жана психологиялык маселелерди камтыган жеке инсандык жана коомдук кризистердин жаралышына алып келет. Кандай болгон учурда да, Бом кабатырланган бөлүп жарган көз караш, китеп басылып чыккан 1980-жылдан тарта, күчөгөндөн күчөп бара жатат. Бул тизмеге диний чырдашуу менен ксенофобиянын (башка дин

өкүлдөрүн, улут, рассаларды жек көрүү) өсүп бара жаткан толкунун деле кошуп койсо болот. Ал эми триумфализм – өзүнүн артыкчылыктарын жогору коюп, баарын жеңген көз караш) трайбализм (душмандык сезимдери бар уруучулук) жана эксклюзивизмдин (жалгыз уникалдуу ишеним) кыйратуучу жана алсыратуучу таасирин, ошондой эле Батышта же Чыгышта болобу, диний, этникалык, маданий баалуулуктарды бурмалап, мыйзамсыз түрдө өзгөртүп алган саясий окшоштуктарды көрүү үчүн алыс баруунун кереги жок. Көпчүлүктүн ичиндеги бир айырма болсо да, баары окшош дегендикке жатпаган сыңары, абсолюттуулуктун (Кудайдын чексиздигинин) мааниси – мамлекеттик түзүлүштөгү кыйратуучу абсолютизм менен такыр дал келишпейт.

Ибн Халдун «ассабийах» деген терминдин оң жана терс мааниде (уруулук чыккынчылык, этноцентризм) колдонгон. Ал, оң мааниде тилектештик, өз ара ынтымактуулуктун булагы болушу мүмкүн, а бирок, тескерисинен одоно улутчулдукту, текебер этноцентризмдик менталитетти колдогон уруулук түшүнүктөрдүн жана кызыкчылыктардын үстөмдүгү. Мухаммед (с.а.в) ислам динине чейин өз уруусун жана ата тегин башкалардан бийик көрүп, текебер болгондорго ислам267 дининде трайбализмге орун жок экендигин эске салып, адамзаттын баары Адам атанын урпактары деп айткан: «Эй, адамдар! Биз силерди эркек ургаачыдан жараттык. Ошондой эле, бири-бириңерди таанып билүү үчүн урууларга жана элдерге бөлүп койдук. Аллахтын алдында силердин эң сыйлууңар – такыбараагыңар. Чындыгында, Аллах баарын билүүчү, (баарынан) кабардар!» Демек, бир улуттун же уруунун башкаларга үстөмдүк кылуусуна жол берилбейт, кылган амалыбыз такыбалыгыбыз менен Кудайдын момуну боло алганыбыз - чынчыл адам болуп, жаман иштерден сак болууга үндөйт. Мындай ой менен – этникалык, рассалык, улуттук, класстык же уруулук адатка айланган көз караштардын баарын жокко чыгарган жок. Мухаммед (с.а.в) айткандай «Уруусунун ичинде бөлүп-жарууну жайылткандар, бизден эмес. Бөлүп-жаруу үчүн күрөшкөндөр бизден эмес, чыккынчылык кылып жатып курман болгондор да бизден эмес», – деп уруулар арасындагы ынтымак баарынан маанилүү экендигин көрсөткөн. Ал эми, Пайгамбардан «уруулук бөлүп-жаруу» жөнүндө түшүндүрүп берүүсүн сурашканда, ал: «Өзүнүн элине акыйкатсыз иштерди жасоодо жардам берүү», – деген. Уруулар арасындагы трайбализмди «абийирдүүлүк» келишиминин мүчөлөрү да четке кагышат. Мухаммед (с.а.в) Пайгамбар боло элек кезинде бул келишимге кирген элдер жана алардын башкаруучуларынын жамааттык милдети – чырдашып жаткан эки тараптын социалдык статусуна жана башка бир уруулар менен болгон байланышына карабастан акыйкаттык үчүн алсыздардын таламын тартып, зулум кылгандарга каршы күрөшүү болуп эсептелген. Пайгамбардын бул келишимди макулдаганынын себеби, ал мында ислам дининин баалуулуктарына каршы келүүчү эч нерсе көрө алган эмес. «Адеп-ахлак, акыйкаттуулук жана коом-

дун жалпы жыргалчылыгы кандайдыр бир жеке уруу, улут же диний ишеним, идеология үчүн гана кызмат кылбашы керек», – деп айткан.

Билим бизге – бөлүп-жарууну токтотуп, чыр-чатактарды чечип, кууш аныктамалардын чегинен чыга ала турган жөндөм бериши керек.

# ИНСАНДЫК БИЛИМДЕРДИН КЕҢЕЙИШИ

Эсимде он эки жаш өспүрүм кезим, жергиликтүү элдик китепканада үч дюмдуу рефракциондук (жарык нурларын сындыруучу) телескопту үйрөнгөнчө, жарым жыл бою түнкү асмандын картасын түзүү менен алектендим. Алдыма мындай албан максатты коюп алгандыгым үчүн, эч болбогондо «тескери жооруктардан оолак кармайт» деп ата-энем кубанган болсо керек. Азыр деле Сатурн планетасынын көз алдыма тартылганын толкундануу, таң калуу менен эстеймин. Менин үйрөнчүк инструментим аркылуу негизги шакекчелердин үчөө эле таамай көрүндү. Ал эми чоң телескоптор шакекчелерди, Кассини сыяктуу орбиталдык космостук аба кемелерин, жадагалса шакектердин аралыгына чейин көрсөтүп бере алышат. Чындыгында, азыркы күнгө чейин шакектердин так саны белгилүү боло элек. Шакектердин белгилүү боло баштаганы далилдегендей, адамзаттын билими өркүндөп, кулачын кенен жайып баратат. Бул кенейүүнүн негизги факторлорунун бири - плюрализм менен маданияттар ара байланыштын баа жеткис баалуулугу жана тажрыйба алмашууда жатат.

Ахмед Мустафа жана Стефан Сперлдин сакралдык (ыйык) геометрия жана араб жазууларынын илими жөнүндөгү «Магнум опус» аттуу шериктеш эмгеги кече жакында жарык көрдү. Эмгекте жазылган маалыматтарга таянсак, Пайгамбар көз жумгандан тарта, Аббазид уазир Ибн Мукла жана X кылымдагы Багдадтын башкы жазмачысы Ибн Аль-Баувдун шайкеш келген (сулуу) жазуу үлгүсүн түптөгөнгө чейин үч жүз жыл керектелген. Анткени, Ислам маданияты каптап бара жаткан билимдин горизонту (аны менен катар араб тилинин терминологиясы) мурунку цивилизациялардын жетишкендиктерин толук түшүнүп жетип, сиңирип алуу денгээлине чейин кеңейиши милдетүү болгон. Түшүнүп жетүүнүн өнүгүү жараяны тууралуу куранда төмөндөгүчө баяндалат: «Курандын толук чындык экени айкындалганга чейин ааламдагы жана өздөрүндөгү белгилерибизди толук көрсөтөбүз. Чындыгында, Эгеңдин баардык иштерге күбө экендиги сага жетиштүү эмеспи?» (41-53). Бул жерде менин түшүнүгүм боюнча, «толук чындык экени айкындалганга чейин» деген айтым, ар кайсы тармакта адамдык аң сезимдин көлөмү кайсыл булактан келип чыгуусуна карабастан кеңейип, арыштап бара жаткандыгы жөнүндө кабар берет. Курандагы сөзсүз окулуучу биринчи аяттарда: «Оку! Сенин

Эген абдан айкөл – Ызааттуу. Ал (инсанга) калем менен жазууну үйрөткөн. Ал (инсанга) анын билбеген нерселерин үйрөткөн», - деп жазылган (96:3-5). Мухаммад Асад айткандай, Калем - бүткүл окуулардын башаты жана символу. Инсандын жазуу аркылуу өз ойлорун, тажрыйба жана идеяларын кагазга түшүрүп, адамдан адамга, муундан муунга жана бир маданий чөйрөдөн экинчи бирине жыйнактап, көөнөрбөс мурас катары өткөрүп бере ала турган бөтөнчө дарамети бар.

Келгиле, маданияттагы тажрыйба алмашуу - көп багытта иш алып барган жараян экендигин ачыктап алалы. Ислам цивилизациясы, грек философиясы, геометрия жана этика жаатындагы өнүгүүлөрдү батыштан өздөштүргөн. Мухаммад Асад « ан сезимдүүлүк менен илим билимди» Курандын аяттарында айтылган «тырышчаактык» экендигин чеберчилик менен түшүндүрүп берген. Тырышчаактык менен Ислам дүйнөсү илимий изилдөөлөрдү жана окутуу ишмердүүлүгүндө эн бийик чокуларды багынтты. Башкалардан өзгөчөлөгөн маданияты бар улуу доордун жетишкендиктеринен Батыш цивилизациясы да пайдаланды. Ал эми Европа, Батыш цивилизациясынын өнүгүшүнө Батыштан сырт элдердин кошкон салымын четке кагып келет.

Европанын көз карашын түзөө максатында бир катар китептердин топтому чыккан жана азыр да басылып жатат. Мухаммад Асад түшүндүргөндөй, Курандын окуулары, «көз карандысыз изилдөө жана акыл эстин ынтызарлыгы» түрдүү ыкмалар аркылуу орто кылымдагы Батыш аң сезимине сүңгүп кирип, Батыш маданиятынын кайра жаралуусуна, тактап айтканда Ренессанска себеп болду. Демек, убакыттын өтүшү менен биз жашап жаткан илимдин доорунун пайда болушуна, белгилүү бир денгээлде Курандын окууларынын жоопкерчилиги бар.

Жазуучу Себастьян Фолкстун Куранды китеп катары кабыл албай, четке какканы эсиме тушту. Зиауддин Сардар, ага жооп катары «Guardian» аттуу эмгегинде эң сонун далилдерди келтирген. Сардардын айтуусунда, Фолкс Куранды анын акылына сыйбаган, аябай иренжитүүчү, бир өңчөй, өнүмсүз, этикалык ченеми жок, түйшүккө салган китеп катары сүрөттөйт. Ал эми Сардар, «Куран чынында эле ошондой болсо, анан кантип мусулман калкын илимди өнүктүрүп, билим алууга шыктандыра алды, Эксперименталдык усулдарды жүргүзүп, кандай жол менен акыл эсти терендете алды, университеттерди жана байкоо жүргүзүүүчү бейтапканаларды негиздеп, философиялык изилдөөлөрдү өнүктүрө алмак беле?» деген суроолор менен кайрылат.

Билим бизге – көп сандаган инсандык билимдердин булактары менен учугунун инсандык цивилизациянын өнүгүшүнө тийгизген таасирин айырмалай ала турган жөндөм бериши керек.

# ЖАРАТКАНДЫН ЖАЛГЫЗДЫГЫН КАБЫЛ АЛУУ

Курандан берилген эбегейсиз күчтү – бир эле убакта интеллектуалдык жана руханий деп билебиз. Ал эми, өзүнө чындыкты таанып-билүүнү камтыган цивилизация өз деңгээлинде жогору өнүккөн Кудайдын окуусу экени талашсыз. Анткени, эч бир өнүккөн цивилизация, канчалык деңгээлде «үйрөнүүгө жеңил», «өзгөчө», «чыгармачыл» экенине карабастан, анын сапаты жана аракеттери, адеп-ахлак жана диндин эң бийик баалуулуктарына негизделип, Жаратуучунун жалгыздыгын окутпаган болсо, өз атына татыктуу боло албайт.

Жогорудагы айтылгандарды эске алып, Папа Францисктин, (2014-жыл 25-ноябрь) Страсбург шаарында Европа парламентине жасаган кайрылуусуна көңүл бурсак орундуу болчудай. Ал, Рафаэлдин, Ватиканда жайгашкан «Афина мектеби» деп аталган белгилүү фрескасын мисал кылып айтты. Сүрөттүн так ортосунда Платон менен Аристотель түшүрүлгөн, «Платондун манжасы», – деп айтты ал: «жогоруну көрсөтүп, ой-пикирдин ааламына, асман, көктү көздөй багытталса, Аристотель көрүүчүгө колун сунуп, дүйнөнү, айкын чындыкты көрсөтүп жатат». (“Кандай керемет образ”, - деп ойлодум, Мухаммед (с.а.в) хадистеринде айткан: «Менин эки жагым бар, бири бул дүйнөгө кайрылса, экинчиси Аллахка багытталган»). Понтифик фреска Европанын даана образын сүрөттөп, асман менен жердин такай карым-катнашынан куралган тарыхы үчүн, асман – Кудайдын жалгыздыгына далил болгондугу, Европа элин башкалардан айырмалап, ошол эле учурда, жер – бүт машакат, көйгөйлөргө каршы тура алчу жөндөм бергендигин айтып, катуу таасирленгенин жашырган жок.

Ал чыгарган жыйынтык аябай кыраакы жана орундуу. Анткени, ал, Европанын келечеги, ушул эки абдан маанилүү элементтерди калыбына келтирүүдөн, көз каранды болоорун түшүндүрөт. Батыштагылар, жашоонун чен өлчөмдөрү Кудайдын чексиздигинде деп кабылдабаса – рухий баалуулугун, азыркыга чейин коргоп, аздектеген гуманисттик акылын жоготуп алышы мүмкүн.

Байыркы грек сөзү «антропостун» түпкү мааниси «асманга карап турган адам» дегенди туюндурат. Биздин тик турган абалыбыз, жогоруга карай, жердин аймагынан сыртка багытталып, эки дүйнөнүн ортосунда турган көпүрө сыяктуу. Ар бир адам баласынын ичинде, табиятынан, жаралган жерине кайтып келүүчү багытын (ориентир) көрсөткөн (фуркан) же компас болот. Негизги уңгусу латын тили болгон (oriri) англис сөзү (orient) – баштапкы маанисинде Күн чыккан тарапка, «жүздү чыгышка карай буруу»

– дегенди түшүндүргөн. Айтор, бизге багыт берген дарек, же биз токтоочу жай – биздин толук кандуу адам болуубузду көрсөтүп жатат. Эгерде, Папа (католик чиркөөнүн эң жогорку башчысы) Понтифик, латын сөзү pontifex – көпүрө куруучулук деген маанини берсе, анда бүткүл адамзат, Кудай менен сүйлөшүп, сыйынуу аркылуу ортодо көпүрө куруу кызматын аткарышы керек.

Билим бизге – асманга жетип, асман менен жерди байланыштыра ала турган, Жараткандын жалгыз Өзүнө таандык чексиз сүйүү жана жер бетинде кыбыр эткендин баарына мээрим бере ала турган жөндөм бериши керек.

# ПЛЮРАЛИЗМ ЖАНА ДИНАМИКАЛЫК ПРОПАГАНДАЛОО

Көпчүлүгүңөр Вавилон мунарасы жөнүндөгү тарыхтын библиялык версиясын, Башталыш Китебинен (11:1-9) окуп билет чыгаарсыңар. Эгер билбегендер болсо да «вавилон» деген сөз, каймана мааниде – башаламан үндөр менен коштолгон түшүнүксүз кепти сүрөттөө үчүн колдонулганы тууралуу кабарыңар болсо керек.

Башталыш Китеби боюнча, Вавилон мунарасы Нух пайгамбардын урпактары тарабынан тургузулуп баштаган. Алар өздөрүнө аябай ишенип, асманга жетебиз деп ойлошкон. Алардын текеберчилиги үчүн, Кудай аларды адаштырып, бирин-бири түшүнө албай тургандай кылып, жазалаган. Ушул уламыштан улам, адамдагы кеп дүйнөнүн тилдерине бөлүнүп, адамдар да жер жүзүнө таратылган деп айтылат. Бирок, Куран, тилдердин көп түрдүүлүгү – адамзатка берилген жаза же тарткылык деген ойго кошулбайт. Тескерисинче, көп түрдүүлүктүн ынтымагы бир гана маданиятта, тилде же рассалык көз караште эмес, динде да бар экендигин көрсөтөт. Плюрализм – бул, жөнөкөйлөтүп айтканда, Фитра аспекти же адамдын бирдей болуп төрөлүшү, баштапкы абалы. Махмуд Айюбинин айткандары боюнча «адамзаттын көп түрдүүлүгү» идеалдуу мамлекеттеги адамдык коомдун акырындык менен бузулуп жатышына эч кандай тиешеси жок. Ошондой эле бул кудайсыз жашоонун же адамдык түшүнүктөрдүн жоктугунун кесепети да эмес. Диний көп түрдүүлүк – нормалдуу инсандык абал. Ал – адамдык маданияттын, тилдин, раса жана башка түрдүү багыттардын – натыйжасы. Рабби Абрахам Хешель, «Ачылыш» аттуу эмгегинде «Адамдын мүмкүнчүлүктөрүнө ар убак ыңгайлашууга болот, эки окшош акылдын жоктугу сыңары эле, эки бирдей окшош адам болбойт. Кудайдын үнү жүрөктөргө ар кандай жолдор менен ар түрдүү тилдер аркылуу жетет. Бир эле чындыкты, түрдүү жолдор менен түшүнүүгө болот». Ал эми, Нэнси Клайн: «Көп түрдүүлүк инсандык интеллектти жогорулатат, окшоштук болсо, төгүндөө, моюнга албоонун бир

түрү», - деп кескин түрдө, баса белгилейт. Акыркы учурдагы изилдөөлөр көрсөткөндөй, неандерталдардын (байыркы адамдардын) өлүп жок болушунун негизги фактору - маалыматтын таралышынын жетиштүү эместиги болгон. Байыркы адамдардын баш мээсинин көпчүлүк бөлүгү көрүү жана денесин башкарууга ылайыкталган болсо, азыркы адамдар өзүнүн эс-тутумдук энергиясын, пайдасы жок ресурстардын өз ара атаандашуусун шарттаган, социалдык тармактар үчүн коротушат, албетте бул үчүн да тилди үйрөнүү зарылчылыгы келип чыгат. Плюрализмди, сүннөт катары айткан Курандын аяттары, бизге жакшы эле маалым, бирок кайра-кайра кайталоонун кажети жок болсо керек. «Эй, адамдар! Биз силерди эркек ургаачыдан жараттык. Ошондой эле бири-бириңерди таанып билүү үчүн урууларга жана элдерге бөлүп койдук. Аллахтын алдында силердин эң сыйлууңар – такыбараагыңар. Чындыгында, Аллах баарын билүүчү, (баарынан) кабардар!» (49:13). «Эгер, Аллах кааласа баарыңарды бирдей коом кылып коймок, бирок жиберилген жоболор аркылуу силерди сынамакчы болду» (5:48). Куранда «адамдык тилдердин жана түстөрдүн ар түрдүүлүгү – адамдар үчүн билимдин белгиси» деп да айтылат. «Асмандар менен Жердин жаратылышы, силердин тилиңердин, түсүңөрдүн ар түрдүүлүгү да, Анын белгилеринен. Акыйкатта, буларда билимдүүлөр үчүн белгилер бар». (30:22) Мухаммад Асаддын оюу боюнча «Адамдын көз караштарындагы жана идеяларындагы тынымсыз жүрүп турган дифференциация - (татаалды жөнөкөйлөтүп кароо)» кокустук эмес, ал адамдын жашоосундагы, Кудайдын каалоосун туюндурган негизги фактор». Мухаммед (с.а.в) айткан: «Элимдин ар улуттан болгондугу – бул алардын ырыс таалайы».

Эң оболу, плюрализмдин активдүү окутуу жараяны катары жана жөнөкөй «чыдамкайлуулуктун» ортосундагы талашсыз байланыштын айырмачылыктарын билип алалы. Омид Сафи «толеранттуулук» деген сөздүн кошумча мааниси, бир топ жагымсыз жана азаптуу экенин айтат. Бул сөздүн түпкү тамыры, орто кылымдагы фармакология жана токсикологияга барып такалгандыктан, ал баштапкы маанисинде - адам өлгөнгө чейин канчалык деңгээлде ууланууга чыдай алуусун түшүндүрөт.

Гарвард университетинин профессору жана дин таануучу Диана Экк, өтө чеберчилик менен далилдегендей, плюрализм бул өзүнчө топ-топ болгон, анклав менен лагерлердин көптүгү же жөн гана «ар түрдүүлүк», «космополитиздин» бар экендигин түшүндүрбөйт. Ошондой эле, ал өз кызматын аткарбаса, көп түрдүүлүктү чагылдырган икона сымал болуп, пикир алмашуунун куралы боло албайт. Ал эми диндер арасындагы бетме-бет жолугушуулар үчүн, диндерге бейпилдик бере албаган, милдеттери жок куру чакырыктар менен өзүнчө бир ойдон чыгарылган, карама-каршы көз караштардын айкалышы дагы болбошу керек. Бул чындыкты издеген

жолугушуудагы, эки тараптын тең ойлорунун башка өңүт алуусу, бирин-бири түшүнүүгө жасаган аракети эле эмес, андан ары алардын карым-катнашы жаңы деңгээлге көтөрүлгөндүгүн көрсөтөт.

Диндер аралык карым-катнашты бекемдөө - жолугушуулардын негизи болуп саналат. Байланышты колдоо жана калыптандыруу чөйрөсүндөгү эң маанилүү ыкмалардын бири – гуманитардык жана искусство илимдерине кең мүмкүнчүлүк берген, тең салмакталган жана комплекстүү билим берүү. Бул айрыкча, орто мектептердеги окутуунун пландарына акырындык менен чек коюп бараткан көз караашта абдан маанилүү. Мусулман коомчулуктарындагы, бардык билим берүү системаларынын деңгээлдеринде мындай тоготпогондук мамиленин кесепеттерин даана баамдоого болот. Гуманитардык билимдерге бай окутуу - критикалык жана чыгармачыл ой жүгүртүүнүн жөндөмдөрүн өнүктүрүп эле тим болбостон, алдын ала иштелип чыга элек изилдөөнү жеңилдетип, талкуу жана дебаттардын жардамында жигердүү пикир алмашуунун, ык жолдорун өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Андан сырткары, чыгармачылык өнөрүнө жан дүйнөсүн арноо жана ишке ашыруу – адамдын кыялдануусун күчөтүп, баш мээнин эстетикалык эс-тутумун, шыктандыруучу байланыштарын өнүктүрөт. Мультисенсордук изилдөө жана тажрыйбага гана негизделген окутуу – адамдык абалдын өзгөчө табигый шарттардын коoздугу жана улуулугу аркылуу коомдук илимдер, адабият, тил, тарых жана географияны өздөштүрүүнү чечмелейт. Дүйнөлүк көз караштын кайрымдуулугун жана айкөлдүгүн өздөштүрүү - ар түрдүүлүктү баалаган, маданияттар аралык мамилени колдоо деп түшүнсөк болот. Ошондой эле, адамдардын жеке жүрүм-туруму, жарандык мамилелер, ишкерлик тажрыйба, кайрымдуулук иштери жана биз үчүн эң зарыл болгон айлана-чөйрөнү коргоо - изгилик, жан аябастык сапаттар менен этикалык баалуулуктарды өнүктүрүүбүз – учурдун талабы.

Билим бизге – «башка бирөөгө тийешелүүнү» таанып билүү жана ага карата байланыш түзүү аркылуу, өзүбүздү жакшырта ала турган шык-жөндөм бериши керек.

# МЕКТЕПТИК ТАРТИП

Мен, бул жерде, ар түрдүүлүк, маданият менен алмашуу, билимдин карым-катнашы жана анын горизонтунун кеңейиши сыяктуу плюрализмге байланыштуу болгон түшүнүктөргө бир аз да болсо назар салдым. Анткени, сүйлөшүү, дискурс, талкуу, диалог, диалектика жана полилогдун ортосундагы ачык байланыштын, бардык күчтүү жана билим берүүчү кубулуш жараяндарда аткарган кызматы чоң. Тактап айтканда, билимдүү болуу менен өзүңдү,

коомду жана дүйнөнү өзгөртө алуучу күчкө ээ болуу. Батыштын өнүккөн психологиясынын дисциплинасынын негизинде, Карл Ригель карама-каршылыкты кабыл алуучу жөндөмдүүлүктү аныктайт, конструктивдүү конфронтация, парадокс жана эки окшоштукту кабылдоо жөндөмдүүлүгүнө, дүйнө таанымдын өнүгүүсүндөгү эң жогорку тепкич катары аныктама берген. Ал эми Джеймс Фаулер, диалектикалык ой жүгүртүүнү диндин өнүгүшү менен байланыштырат. Албетте, бул диалектикалык жараян боло албайт. Ошондой эле, бири-бирине жол берүү менен келишим кылган же чексиздикти таанып, салыштырмалуулукка басым жасаган салыштырмалуулуктун эркин жараяны дагы эмес. Демек, бул жаман оюу жок адамды, өнөкөт адаттардан жана орношуп калган стереотиптик ой жүгүртүүдөн, туруктуу байланыштардан, өзгөрүү, туруксуздуктун коркунучунан жана анын ички «мен» дегенине зыяны тийиши мүмкүн болгон себептерден арылтып, акыр аягында, эки тараптын карама-каршылыктарын, кайра алардын бири-бирин толуктоосуна айландырган, чыгармачылыктын чыңалуу жараяны.

Эми, аныктамаларды билген соң, биздин мектептерде маданият канчалык деңгээлде деген суроо жаралат. Роланд Бартт кабарлагандай, Жон Гудлад жана башкалардын берген баасына ылайык: Америкалык мектептерде, сабактын 85 пайызында мугалим сүйлөп, ал эми калган 15 пайызы, мугалим баштап берген, окуучулардын дискуссиясы менен өтүп, окутуу усулунда мугалимдин активдүүлүгү үстөмдүк кылат. Ал эми Англиянын мектептеринде, ушул сыңары эле, мугалимдердин сүйлөө жөндөмүнө басым жасала турган болсо, алардын көпчүлүгүнүн чыгармачыл жана критикалык ой жүгүртүүгө көңүл бурушун, үмүттөнүүгө болобу? Анчалык деле эмес. Чындыгында, британиялык орто мектептердин окуучулары менен өткөрүлгөн кеңири сурамжылоо көрсөткөндөй, жалпы жонунан, мугалимдердин 10 пайызы ой жүгүртүүнү өнүктүрө турган ык машыгуулар жөнүндө сүйлөйт, ал эми калган басымдуу бөлүгү текшерүү, башкаруу жана тапшырма берүү менен алек. Андан сырткары маалыматты да аябай төмөн деңгээлде жеткиришет. Студенттерге берилген тапшырмалардын көбү, талкуулашууга шык берип анын натыйжасында, альтернативдик көз караштар же суроо талап менен ой жүгүртүүнүн бир кыйла маанилүү жараяндарын үйрөнүүгө багытталбастан, тестирлөө менен баалоонун ички тартибине ылайык алдын ала даярдалган маалыматтардан «туура жоопту» табууга багытталган.

Маалыматтын тегиз таралышына таянбаган, мугалимге гана ыкталган окутуу жараяны (Гарвард педагогу Роланд Барт айткандай «Sit» and «Git») инсандык жөндөмдөрдү ойготуп жана тарбиялоонун бүт тилкесин камтый албайт. Исламдык билим берүү терминологиясында, окутуу жана акыл-эсти машыктыруу, билимди берүүдө өзгөчө басым мугалимдин ишмердүүлүгүнө багытталса (таалим), анда окутуу тажрыйбасынын бүтүндүүлүгүнө коркунуч

жаралып, бүт адамзаттын тарбиясы (тарбия) зыянга учурайт. Мыкты окутуучу жөн гана билимин берген мугалим (муаллим) эле эмес, жан дүйнөнүн тарбиячысы (мурабби) болуп, мүнөздү да калыптандырышы керек.

Кыйратуучу материализмдин кесепеттери - туруксуз экономикалык өсүү менен айлана-чөйрөнү талкалап жатат. Бүгүнкү күндүн эң чоң зарылчылыгы – башынан эле, адамдарды пайдасы жок жана жүдөтүүчү керектөөлөргө алып бара жаткан материализмдин максаттарына каршы, чыныгы сапаттуу принциптердин жыйнагын кайра жаратуу болуп турат.

Билим берүүнүн эң маанилүү күчтөрүнүн бири – жеке максатты көздөгөн саясаттын бардык түрүнө каршы туруу. Бул боюнча айкын мисал келтирчү болсом, диний билим берүү боюнча кесиптик кеңештин жыйынтыгы көрсөткөндөй, диний билим алып жаткан 11 жаштан 18 жашка чейинки окуучулардын көпчүлүгү, диний билим алуу, динди изилдөө, жеке жашоосуна пайдасын тийгизет деп ойлошсо, ар бир төртүнчү бала андай ойдо эмес. Баяндамадагы келтирилген мисалдарга караганда, көпчүлүк студенттер предметтердин - коммуникативдик жөндөмдү жакшыртып, башка диндер жөнүндө окуу, маданияттардын ортосундагы ачыктык менен сезимталдыкты, философиялык шыктарды өнүктүрүү, изилдөө жана ой жүгүртүүчү мүмкүнчүлүктөрдү берип жаткандыгын баалашат, андан сырткары жашоосунун мааниси жана максаттарын түшүнүүгө жардам берээрин да түшүнүшөт.

Балким, мындай толук кандуу адам болуу үчүн азыркы окутуу пландарында, мүмкүнчүлүктөр аз болуп жаткандыр. Бул далил, диний билим берүүнү «атайын иштелип чыккан ишеним» деген А. С. Грейлинг сыяктуу «философтордун» динге карата айтылган идеологиялык жалган көз караштарына караманча каршы турат. Грейлинг, диний билим берүүнү «интеллектуалдык зордук-зомбулук» ал эми диний мектептерге «белгисиз, сыйкыр күчтөргө ишенгендердин аймагы», - деп мүнөздөмө берген. Ошол эле учурда, бир чөйрө же теория ичиндеги окутуу, критикалык жана диалогдук ой жүгүртүүнүн жоктугу, кээ бир диний мектептердеги билим берүү жараянынын белгилүү аспектилерине мүнөздөмө болушу мүмкүн, бирок ошого карабастан, мындай кемчиликтерди, башаламандыкка алып келип, диний билим берүү менен теңдөө - жеткен оройлук. Бул сыяктуу корутундулар, сын көз караштты жактайбыз дегендердин далилдерин жокко чыгарып, алардын тажрыйбасына болгон урмат-сыйды да жок кылат.

Белгилүү бир маданияттын, калыптанып калган менталитетинин чегинде дин менен бир багыттуу окуунун, формалдуу түрдөгү механикалык байланышы болушу мүмкүн. Бир багыттуу окуу кайсы бир деңгээлде, биз «светтик» деп атаган билим берүү системасынын негизин түзөт.

Дорис Лессинг, өзүнүн «Алтын дептер» романында, мындай деп

жазат: «Биз азырынча, көп багыттуу, билим берүү системасын өнүктүрө элекпиз. Силердин араңардан, башкаларга салыштырмалуу эрктүүрөөк жана өзүңөргө ээ боло алганыңар өз алдынча окууңарды улантсаңар болот. Ал эми, калгандары, бул коомдун тар жана өзгөчө талаптарына ылайык калыптанып жатканын ар дайым эстен чыгарбашы керек». Социалдык философ, Ханна Арендт, бул жөнүндө «тоталитардык билим берүүнүн максаты эч качан көз караштарды өнүктүрүү болгон эмес, бирок аларды жок кылууга, бурмалап коюуга жөндөмдүү болгон», – деп айтат.

Билим бизге – жеке күмөндөрүбүздү түбү менен жок кылуучу жана бир багыттуу окутууга каршы чыга алган жөндөм бериши керек.

# ОКУЯЛАРГА ИШЕНҮҮ КАТАЧЫЛЫГЫ, КАЛЫПТАНЫП КАЛГАН ОЙ ЖҮГҮРТҮҮЛӨР, ДИХОМАТИЯ ЖАНА ТУУРА ЭМЕС КАБЫЛДОО

Биз жалпы категорияга, «өнөкөт адаттарыбыз менен калыптанып калган ой жүгүртүүбүздү» жана «чын-төгүнүн билбей туруп, өткөн окуяларга ишенүү катасын», биз жашаган дүйнөнү түшүнүп билүү аракеттерибиздин натыйжасында келип чыккан, жөнөкөй жана ишене турган өткөндүн окуяларын кошуп койсок болмок. Кеңири белгилүү болгондой, эң «рационалдуу» коомдо деле далилдердин тууралыгы кепилденген эмес. Психологиядагы кабыл алуу дагы так ушундай, адамдын акыл-эси, эмнени кааласа же эмнени үмүттөнсө, ошол нерсени гана көрүүгө багытталат. Сезүү органдары аркылуу кабылдоо боюнча баары маанилүү жана түшүнүктүү, анткени, башынан аягына чейин автоматташтырылган шарттуу рефлекстерсиз, биз бул дүйнөдө өз кызматыбызды аткара албай калмакпыз, эгер алар инстинкт аркылуу берилбесе, биринчи жолу туш болуп жаткандай эле, баарын башынан үйрөнүүгө туура келмек. Маалыматты бат кабылдоонун жана өздөштүрүүнүн жашоодо орду чоң. Анткени ал коркунучтун алдын алууга жардам берет, ошондой эле биздеги дихоматия (эки тең бөлүккө ажыратып кароо) кайсы бир деңгээлде ойлонуу жана чечкиндүү кыймыл жасообузга түрткү болот. А бирок, тескерисинче бир бөлмөдөн чыкпаган, кыпындай нерсе үчүн көп убакыт короткон «философтор» бар. Алар: сүйлөмдүн логикалык бөлүктөрүн, кылдаттык менен талдап, ар бир эскертүүнү эсине сактап, ар бир позицияны баалап, арзыбаган келишпестиктер менен билинээр-билинбес айырмачылыктар үчүн санаа тартып, орундугунан такыр козголбошу мүмкүн… Бирок, биз сөзсүз түрдө, бизге тартип менен макулдашууну сактап турууга жардам берген, тааныш «окуялардын» чыныгы далилдерге негизделген динамикасын, ошол эле тааныш «окуялардын» адамзатка өнөкөт болуп калган, бир тараптуу трайбализмди, фанатизм жана

жалган ишенимдерди колдогон көз караштарынын кесепеттерин айырмалай алышыбыз керек. Бир өңчөй ой жүгүртүүнүн адатка айланган, кайталанма фразалары жана алардын «сценарийлерге» бөлүнүшүнө каршы чыгуу, бир эле ойчулдардын жана илимдин сап башында турган изилдөөчүлөрдүн эле эмес, чын дили менен чындыкты издеген, далилдерди ылгап жана аларга критикалык баа берүүгө жооптуу болгон журналисттердин, комментатор жана маданий сынчылардын дагы эң маанилүү функцияларынын бири. Ал эми бул функция, өзүнүн пайдасы үчүн башканын оюн жокко чыгарган же өзүнүн позициясын болгон күч аракети менен коргогон, атаандашуу функциясынан алда канча жогору турат. Анткен менен анын келип чыгуусунун себеби адамдык окуулардын далилдерди жокко чыгарып жатышы болуп жатат, альтернативдик көз караштары жана карама-каршы далилдери бар интеллектуалдык чыныгы критикалык карым-катнашка барып такалат. Батыш цивилизациясына негиз салуучу принциптердин бири – Платондун философиялык диалектика жараяны, ынандыруучу каражат катары риторикадан таптакыр айырмаланат жана бир далай ашып өтөт деген ишенимине негизделген жана бул ишеним, анын Академиясында кандай актуалдуу болсо, бүгүнкү күндө да ошол бойдон өзгөргөн эмес деп билишет.

Менин интернет желесиндеги «билимдин күчү» деген издөөмдүн жыйынтыгы болгон, эң мыкты он «хиттин» бирөөсү, көп кайталанган афоризм XIX кылымдагы англиялык философ, мамлекеттик ишмер Френсис Беконго таандык. Ал «Билим - бул күч. Латын тилинде ал чыны менен (ipsa scientia potestas est – «билим турган турпаты менен күч») күчтүн маанисинде колдонулган» деп 1597-жылы негизделген Meditationes Sacrae эмгегинде жазып калтырган. Ал билим менен күчтүн теңдемесин түшүндүрүп, «билим бул жөн гана аргумент же орнамент» эмес, башка сөз менен айтканда, аны иренжиткен схоластиканын калыптанган салттарынын жыйынтыгын, билимди күч менен айкалыштырууну жана тажрыйбага негизделген (адамдын пайдасы жана артыкчылыгы) практикалык билимдерди иштеп чыгууну каалаган.

Ушул максатты көздөй, Бекон, биз акыл-эсти күмөндүү ишенимден, калыптануудан, жалган элестетүүлөрдөн жана иликтенбеген таасир-лерден тазалашыбыз керек деп белгилеген. Иликтенбеген таасир-лер – «адамдык акыл-эстин жалган ишенимдери», алар заттын чыныгы табиятын бурмалап, ыраңын өчүрүп көрсөтөт, анын ордуна анык билимдерди алуунун ыкмасы катары «чыныгы индукцияга», түз тажрыйбаларга, кабылдоо жана байкоо жүргүзүүгө таянуу керек. Түшүнүү жана баамдоого тоскоол болгон, 10 конкреттүү мисалдардын арасынан, Бекон «жалган ишенимдердин» тизмесине төмөнкүлөрдү кошкон: заттарды анын үлгүсүнө дал келтирүү аракети, күн мурунтан ойлонулган натыйжаларды колдоочу далилдерди издөө, адам көрүүнү каалаган нерселерди көрүү жана ишенүүнү каалаган нерселерге

ишенүү, жалпылоо, бир көз караштан экинчисин же бир максаттан, башка максатты артык көрүү (мисалы: эски доорду жаңысынан, бөлүктү бүтүндөн, айырмачылыкты окшоштуктан же тескерисинче болушу мүмкүн) ошондой эле, сөз бирден көп мааниге ээ болушу мүмкүндүгүн түшүнбөстүгү. Бул азыркы заманга ылайык мыкты тизме, когнитивдик психология жана жаратылыштын туташ тартиптериндеги көптөгөн негизги ачылыштары менен дал келишет, калыптануу, атайылап чыгарылган көз караштыт далилдөө, жана башка билим алууга тоскоол болгон жагдайларды камтыйт.

Ал эми дихоматиянын тенденциясы жөнүндө айта турган болсок, адамзаттын ой жүгүртүүсү жана ишмердүүлүгүнүн көпчүлүк тармагында, андан сырткары, билим берүүнүн байланыштуулугунда байкалат. Анын даана мисалдары төмөндөгү жаңылыш пикирлердин таралышында: эске сактап калуу кандайдыр бир мааниде ой жүгүртүү жана түшүнүүгө терс таасирин тийгизет же чыгармачылык да кандайдыр бир мааниде азыркы билимдерден көз каранды эмес. Дагы бир жалганы, бир нерсеге багыт алуу жана билимди бөлүктөп топтоо – кандайдыр бир мааниде дицсиплиналар аралык же көп дицсиплиналык окутуунун натыйжасы болгон кенендикке жана эриш-аркак байланышка карама-каршылыгы.

Улуу эрудиттер (ошолордун катарында мага дем бергендери) – ар кайсы көлмөнүн үстүндө муз тепкен, дилетант (үйрөнчүк) эмес. Толук картинаны көрө албаган, кууш көз караш менен да жабыркашпайт. Бекон, белгилеген дагы бир жалган түшүнүккө көңүл буралы – калыптанып калган идея жана үмүттөнүүлөргө таянып, реалдуулукту бурмаланган түрдө кабылдоо жана далилдерди улам жокко чыгаруу. Жакында эле жарык көргөн The Times басылмасында «Маданиятсыздыктын индекси» деген мааниге ылайыктуу, кошумча аталыш менен ар кандай категориялар боюнча жүргүзүлгөн сурамжылоонун көбүртө баалангандыгы тан калычтуу болду. Америкалык соц-психологиялык изилдөөчүлөр, 14 мамлекеттеги иммигранттардын жана мусулмандардын жалпы санын кошуп эсептегенде, мусулмандар АКШнын калкынын 15% ын түзөт деп эсептешкен. Ал эми чыныгы саны 1% ды түзгөн. ММКлар «биздин тынчтыгыбызды бузуп жатышат» деген сенсация жараткан кабарлар менен жергиликтүү калкты сугарып келгендиги, элдин оюна таасир этип, ашыкча баа беришине түрткү болуп жатат. Башка бир мисал: реалдуулукту туура эмес, орой кабыл алуу жана зомбулуктун күчөшүнө «дин түрткү берет» деген түшүнүк. Бирок, айта кетчү нерсе, дин тарыхтагы зордук-зомбулук чыр чатактардын себеби болгон деп кеңири таралган жалган ишенимге карабай, жүргүзүлгүн изилдөөлөр, 248 миллион өлүмдүн 3%зы гана динге тиешелуу болсо, калгандары, азаптуу согуштун, массалык өлтүрүүлөрдүн, адамдардын тарыхый айбанчылыгынын курмандыгы болушкан.

Билим – бийликке эбегейсиз чоң окуулардын топтомун берип, атайын

ойлоп табылган жана калыптанып калган, бир жактуу түшүнүктөргө каршы туруп, аларга карата далилдерди жыйнашы керек.

# АДАМДЫК ШЫК ЖӨНДӨМДӨРДҮ ИШКЕ АШЫРУУ

Мен «чыныгы сапаттуу билим гана - адамдык мүмкүнчүлүктөрдүн жана дараметтердин бардык: физикалык, сенсордук, когнитивдик, чыгармачылык, эмоцианалдык, адеп-ахлактык жана руханий (бардык күчтөр жана мүмкүнчүлүктөр Жараткандын белеги жана «бардык күчтөрдү кошкондо да Жараткандын күчүнө тең келбейт- la hawla wa la quwatta illa billah») спектрлерин терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет деген аксиоманы кабыл алам жана туура деп билемин.

Толук билим берүүдөгү концепция жана тажрыйба - Ислам done динде адамдын сапаттарын ар тараптан көрүү ишмердүүлүгүнүн ажырагыс бөлүгү. Куран, бизге берилген мүмкүчүлүктөрдү билим алуу жана чындыкты билүү үчүн колдонууну айтат. Ал сапаттар өз ичине, тилге негизделген рационалдык (aql) мүмкүнчүлүктөрдү - кеңеш берүүчү же ойлонуу, изилдөө, анализдөө, аныктоо, айырмалоо, жөнгө салуу, далил келтирүү, талаш суроолорду чечүүгө катышуу; Куранда айтылган «башкалар» менен карым катнашта болуу жана кайгысын тең бөлүшүү сапаты; жүрөк менен акылды, ой жүгүртүү менен кыялданууну бириктирген «интелекттин» бийик сапаттарын (tafakkur); ички туюмуна жана көрө билүүсүнө таасир берген чыгармачылык ой жүгүртүүнү; туура менен туура эмести ажыратууну жана өзүбүз үчүн, кылган иштерибиз үчүн толук жоопкерчикти алууну (furqan) камтыган адеп ахлактык сапаттарды; баарынан эң бийик турган сапат бул - Кудайга болгон аң сезимдүүлүк, ыклас кылуучулук (taqwa), Аны корккон даражага чейин сүйүү жана анын бүт жерде бар экенин түшүнүү жана ушул түшүнүк менен жашап өтүү деген түшүнүктөрдү камтыйт. Бул адамдык сапаттар - рационалдык күчтөрдү түз тажрыйбалардан, моралдык баалуулуктарды руханий сезимдерден эч качан ажыратпайт.

Англис тилиндеги «develop» сөзү эски француз тилинен алынып, des+veloper «жайылтуу, кеңейтүү», ал эми латын тилиндеги «educere» сөзү жетелеп чыгуу, көтөрүп чыгуу деген маанилерди берип, англис тилиндеги «education» билим берүү деген сөздүн келип чыгуу булагы болот. «Жайылтуу, кеңейтүү» сөзүнүн концепциясы билим берүүдөгү – эске сактап калуу, иш жүзүнө ашыруу, тубаса сапаттарды ойготуу же ачыкка чыгаруу ишмердүүлүгүн камтыган жараяндарды түшүндүрүп, адамдын табияттагы негизги ролун чагылдырган, Кудай тарабынан сыйга жана Анын жер үстүндөгү «орун

басарлык» (halifa) милдетин аткаруу үчүн берилген касиеттерин айгинелейт. Англис тилиндеги «character (мүнөз)» деген сөз грек тилиндеги kharakter оюу, түшүрүү, сүрөт тартуучу инструмент «kharassein» деген сөздөн алынган. Бир түшүндүрмөсү «жазуу» деген мааниде азырга чейин колдонулат. Этимология, адамдын тубаса мүнөзүнүн негизги түшүнүгүн - Кудай тарабынан жаралып жаткан кезде эле, эң сонун сүрөттөлүп, оюу түшүрүлгөндөй коoздолуп жүрөккө бекитилгенин ачыктап жатат. Бул жөнүндө Куранда да айтылат «Албетте, Биз инсанды эң мыкты – тегиз турпатта кылып жараттык» (94-5) «үлгүлөрдүн эң жакшысы кылып» (Arberry) же Мухаммад Асад айткандай «Эң жакшы үлгүдө». Ошентип, адамдык сапаттарды өнүктүрүү менен Кудайдын жүрөккө салган издерин ачуу, потенциалдарды ишке ашыруу, адам ыйык сапаттардын ажыратылгыс касиеттерине жөндөмдүү экенин көрсөтүү - эң маанилүү аспекттерден.

Кудай тарабынан адамга берилген «күч» жана «потенциал» деген концепцияга таянып, интернеттен «Адамдык күчтөр» деп издеп көрсөңүз 258 миллион көрүүлөрдүн ичиндеги эң мыкты бештик төмөндөгү төрт сайтты камтыйт: чыныгы өзгөчө (касиетке) ээ 16 адам, 18 мутант өзгөчө каармандар, 9 чыныгы өзгөчө күчкө ээ болгон X мутанттар жана өзгөчө касиеттерди өнүктүрүүнүн 3 жолу. Акыркысы, «жөнөкөй адам болуу жетишсиз» деп, караңгыда көрүү, дубалда басуу, мышыкка окшоп секирүү, дем албай тура алуу, жалганды ачып бере турган адис болуу, башкаларды аң-сезимден тышкаркы ыкмаларга ишендирүү, ауранын окуу жана көзү ачыктык, алдын ала угуу, жылдыздар аркылуу төлгө салуу жана психокинезди өнүктүрүү ж.б. ММК жана массалык маданияттын таасири бул жерде даана байкалып турат, бирок өзгөчө күчтөргө жана өзгөчө каармандарга берилип кетүү адамдык потенциалдын ашыкча бааланганды гын көрсөттү. Ошол эле учурда, доордун өнүгүп гүлдөшү менен кандайдыр бир деңгээлде адамдык жөндөмдүүлүктөр кеңири таралган маданиятта, билим берүү системасында жана биздин кеңири коомубузда көптү үмүттөндүрбөстөн, кабыл алынбай калынышы мүмкүн. Потенциалыбызды толук түшүнбөй туруп, акылга сыйбаган ойлорубузду элестетүү, туюу аркылуу айрым күчтөрү чындык аркылуу чагылдырып алуубуз мүмкүн.

Билим бизге – адамдык күчтөрдү толугу менен кабыл ала турган жана аларды аң сезимдүү башкарып, өнүктүрө турган күч бериши керек.

# КЕМЧИЛИКСИЗ ЖАН ДҮЙНӨ

Стивен Сигалдын продюсерлигинде чыккан «Курчоодо» деген тасманын башкы ролунда Томми Ли Джонс Борбордук Чалгындоо Башкармалыгынын экс-агенти катары ойнойт, ал АКШнын аскердик кемесин уурдап, спецназдын жашыруун операцияларына да катыштыгы бар болот. Ал, жеткен адеп-ахлаксыз, зөөкүр болгон, бирок Борбордук Чалгындоо Башкармалыгынан эмнеге аны жалдаганын сурашканда, аны өзгөчө пайдалуу «чыгармачыл ой жүгүртүүчү» деп жооп берген. Биз бул жерден «чыгармачылык» менен бүт адамдык сапаттардын бийик түшүнүгүнүн экиге ажыраганын көрүп турабыз. Чыгармачылык адамдык жетишкендиктин аспекти катары эмес, максатсыз колдонулуп жаткан, жөнөкөй эле ойлоп табуучулук катары түшүндүрүлүп жатат.

2010-жылы, Лондон Сити, Goldman Sachsta айт майрамына карата «Ар түрдүүлүк» деген чакырыктын астында өткөрүлүп жаткан иш-чарада, өзүмдүн докладым менен сөз сүйлөп жатып, сюрреалисттик абалда калганымды сездим. Менин докладым «Ислам жана адамдын кемчиликсиздиги» деп аталып, бизнестин өзүмө тиешелүү принциптерине (ар түрдүүлүктө бөлөк) кесипкөйлүк, креативдүүлүк жана абийирдүүлүккө негизделген. Сөзүмдү алгач эле, баарыңар сөзсүз «Уолл Стрит 2: Акча эч качан уктабайт» деген тасманы билесиңер деп баштадым жана анын экинчи бөлүгү «Уолл Стрит» 1987-жылы кинотеатрлардагы эң мыкты тасма болгонун да кошумчаладым. Гордон Гекконун ролун ойногон Майкл Дугласты ким унутушу мүмкүн? Гордон Гекконун белгилүү фразалары: «ач көздүк - бул жакшы. Мен эч нерсе жаратпайм. Мен ээлик кыламын. Биз эрежелерди орнотобуз, досум иштин баары акчада, балакай». Сүйлөшүүнүн калган бөлүгү – «Эмне жасалып жатса, баары акча үчүн жасалышы керек». Сөзүмдү улай, өткөн айдагы Майкл Дуглас менен болгон интервьюну мисал келтирдим. Дуглас мындай деп айтат: “1987-жылы тасма чыккан кезде, туш-туштан жаш ишкер студенттер жыйналып, ага «Гордон Гекко! Сен, эр азаматсын, Гордон! Сен, акчалуу бизнес менен алектенүүмө себеп болдуң!” – деп кыйкырып жатышканда «Мен бул жерде силерге айтайын деп отурамын «Жок, жок, чынында жок. Тасманы көрүп чыккыла. Мен, сен болгуң келген адам эмесмин. Мен бузуку, кара санатай! – Балдар түшүнгөн жок. – Ооба, Гордон! Сен, чынында мыктысың! Дуглас улантып жатты «ошол, Гордонду укмуштуу жигит деп ойлогон MBA студенттеринин канчасы, азыр деле ошол компанияларды жетектеп жаткандыгы - мага кызыктуу».

Кесипкөйлүк менен кемчиликсиздиктин ортосунда маанилүү айырма бар. Анткени, кесипкөй киллер болушу мүмкүн. Эгер биз мафиянын мүчөсү болбогондо, Мариону кесипкөй киллер деп айтканыбыз - таң калыштуу

деле болмок эмес. Айырмасы, жан дүйнөнүн кемчиликсиздиги, бул жөн гана маселени чечүүдөгү жеке чеберчилик же эффективдүүлүк эмес, бирок адамдык сапаттардын кемчиликсиздиги жана алардын моралдык, руханий чен өлчөмдөрү бар.

Бул, исламдын салттарынын негизги түшүнүктөрү. Араб тилиндеги «ihsan» «артыкчылык, кемчиликсиз» деген сөздүн терең мааниси, чындыгында сулуулук, жакшылык, жакшылык кылуунун ажырагыс түшүнүктөрү. Исламдык искусствонун чөйрөсүндө да сулуулуктун эки концепциясынын ортосундагы маанилүү айырмаларды келтирүүгө болот. Биринчиси, жеке жакка таандык жана туруктуу эмес сулуулук «jamal», кийинкиси (husn) эстетикалык сулуулуктун туюму гана эмес, жаратылып жатканда салым керектүү өлчөмдө кошулуп, текши бөлүнгөнү - анын артыкчылыгы, ошондой эле, жакшылык менен сулуулуктун ортосундагы теңделүүнүн жакындыгы да айырмага кирет. Ошентип, сулуулук ыйык артыкчылыктардын, адеп-ахлактык жакшылыктардын, руханий кемчиликсиздиктин жана сапаттардын мыктылыгынын ажырагыс атрибуту болсо, бул сапаттар – ыйык атрибуттардын, адамзат аркылуу чагылдырылышы.

Куранда адамды толук кандуу адам кылуунун терең маанисин түшүнүүдө бийик сапаттардын ар дайым чогуу жүргөнүн көрөбүз. Бул толук кандуулук латын тилинен келген «integer» «бүтүн, толук» маанилерин түшүндүргөн «бүтүндүүлүк» сөзүнүн негиз салуучу мааниси болуп эсептелинет. Ушул көз карашка таянып, мисалга алсак, ой жүгүртүү - жөн гана аналитикалык, логикалык жана бир максаттуу мээдеги кыймыл аракет эмес. Анткени ой жүгүртүүгө себеп болуп жаткан максат үчүн, ой жүгүртүү ыкмаларынын баары бирдей маанилүү болушу мүмкүн, бирок, тубаса берилген адеп-ахлак жана калп менен чынды, туура менен туура эмести айырмалаган сапаттар менен ой жүгүртүүнү ажыратууга да болбойт. Айкын болгондой, чыныгы кемчиликсиз болуу, үлгүлүү жүрүм-турум жана эң мыкты адеп (adab) аркылуу ишке ашырылат экен. Goldman Sachs, Флирт-Стриттин так ортосунда, мен Самуэл Джонсондун айткандарына шилтеме берсем болмок. Ал - XVIII кылымдагы Лондондук агартуучу, акын, баяндамачы, моралист, адабий сынчы, биограф, редактор, лексикограф, а балким Англиянын тарыхындагы эң көрүнүктүү адабиятчы. Ал, бул жерден эки кадам алыс жайгашкан, Гоф-Скверде жашап өткөн. Билим жөнүндө мындай деп жазган «Билимдин эң улуу күчү - жакшыны жамандан, чындыкты жасалмадан айырмалай билүү жана жакшы менен чындыкты, жаман менен жасалмадан артык көрүү».

Бул аныктама Мухаммад Асад которгон араб сөзү (furqan) «чындыкты жалгандан, тууралы туура эместен айырмалоонун стандарты же критерийи» деген маани менен окшоштугу аябай таң калыштуу болду. Көрөгөчтүк менен айырмалоону түшүндүргөн сапаттар, Курандагы адеп-ахлактык баа берүү

сезимин билдирген араб сөздөрүндө жолугат. Асад тарабынан которулган a-la-raf сөзү «айырмалоочу сапат», «туура нерсени кабылдоо» жана дагы бир араб сөзү rushd «туура нерсени түшүнүү» экөө тең окшош маанини берет. Basirah сөзү «түшүнө билүү сапаты», акылга толууга негизделген түшүнүү, ошондой эле чындыкты кабыл алуу үчүн багытты көрсөтүп турган, моралдык компас. «Интеллект» aql – бир гана тилге негизделген акыл айтуучу сапат эмес, (Latin ratio, Greek dianoia) адеп-ахлактын, руханий акыл-эстин жана акылга толуунун эң жогорку органы. Aql сөзүн дыкаттык менен изилдөөдө Карим Дуглас «даанышмандык» деген терминдин экинчи жолу «адеп-ахлактык жана коомдук интеллекттин айкалышы бул - жеке бүтүндүүлүк, абийирдүүлүк жана жүрүм-турумдун эффективдүүлүгүндөгү түшүнүк менен билимдин айкалышы» экенин белгилөө үчүн колдонулганын айтты. Ал, aql сөзү аркылуу чагылдырылган «интеллекттин» негизги компоненттеринин бири – «руханий адеп-ахлактык» деген жыйынтык чыгарды.

Бирок айырмачылыктар деле чектен чыгып кеткен учурлар бар. Гай Клакстон, «суроону ачыктап, «макул» же «каршыны» таразалап, акыл-эс жана логикага, алдын ала ниеттелген аң-сезимдүү ой жүгүртүүгө таянган интеллекттин түрүн «d-mode» (ойлонуу режими) деп атаган. Клакстон «адамдык аң-сезимдүүлүк эч нерсени түшүндүрбөйт деген d-mode наразычылыгынын өсүшү - интеллектти түшүнүүгө болгон альтернативдүү ыкмаларда, андан сырткары Говард Гарднердин «интеллекттин көп түрдүүлүгү» жана Даниэл Гоулмандын «эмоционалдык интеллект» аттуу эмгектеринде даана байкалганын ырастап жатат.

Мындай альтернативдик ыкмаларга Ф. Девид Пит сыяктуу окумуштуулар антропологияны, тарыхты, лингвистиканы, метафизиканы, космология, жадагалса кванттык теорияны синтездешкен, ал аракеттер жергиликтүү калктын дүйнө таанымы жана эзелки окуулары, Батыш илиминин бизге орноткон катардагы дүйнө таанымынан таптакыр айырмаланаарын көрсөтүү үчүн жасалган.

Сөзүмдүн жыйынтыгында, Гарри Люистин «Жан дүйнөсүз мыктылык» деген аталыштагы китебин Гарвард колледжинин мурунку деканынын америкалык билим берүү системасына карата айтылган жандуу сын-пикирин, мисал кылып айтайын. Бул жерде бир рецензент тарабынан жалпы окумуштуу илимпоздордун ою берилип жатат. Америкалык билим берүү системасы кризистик абалга кептелип, «Кампус жана колледждер» шаан-шөкөттүн ордуна айланганын жана мындай көрүнүшкө, көпчүлүгү студенттерди күнөөлөп, аларды жалкоо муун, көңүл ачуудан башка нерсе жөнүндө ойлобой калган дешет. «Люис: Америкадагы колледждер (Гарвард дагы) бакалавриаттын негизги милдети – өспүрүмдөрдү бой жеткен кишиге айландыруу, жашоосундагы негизги максатын издөөгө жана колледжди

эң жакшы адам катары аяктоо үчүн, аларга өзүн табуусуна, жетилүүсүнө көмөктөшүү экенин эсинен чыгарып койгон», – деп айтат. Анын ою боюнча, ошол себептүү да колледждер студенттерди күрөшүүгө түртө турган терең маанидеги суроо жана максаттарды, билим алуунун себептерин, алар билимдүү жарандарга муктаж өлкөнүн студенттери экенин көрсөтө алышкан жок. «Либералдык билим берүүнүн эски идеалы, сөз түрүндө гана жашайт. Мындан ары Гарвард акыл-эсти, жан дүйнөнү тазалоону окутпайт», – деп жазат ал.

Гарвард колледжинин статусуна көңүл бурсак, Гарвард университети, бакалавр даражасын берген, эки жакшы мектептин бири. 1636-жылы Кембридж, Массачусетс штатында негизделген. Англиянын Кембридж университетинин АКШдагы эң байыркы окуу жайы. Кембридж 1209-жылы Англияда негизделип, Гарварддан бир кыйла көп тарыхы бар. Бирок, алардан да биринчи Аль-Каравийин университети 859-жылы Марокко, Фесте түптөлгөн, дүйнөдөгү биринчи университет катары эскерилет. 2014/15-жылдары (Qq) Quacquarelli жүргүзгөн Дүйнөдөгү эң мыкты университеттердин рейтинги боюнча Гарвард 4-орун, The (Times Higher Education) боюнча 2-орун, Кембридж 2 жана 5-орун, ал эми эки рейтинг менен эң мыкты деп табылган окуу жай бул АКШнын Технологиялык институту, Массачусетс (Qq) боюнча, (THE) сурамжылоосу боюнча Калифорния университети болгон. Мусулман дүйнөсүндө, ушул эле рейтинг системасы менен эң мыкты Малайа университети (UM) 151-орун менен сап башында турган, эң мыкты 200 университеттин катарына Араб дүйнөсүнө тиешелүү окуу жай кирген жок.

Мындай статистика, көбүнчө рейтингдин негиздүүлүгүнө карата айтылган олуттуу эскертүүлөргө карабай, мусулман дүйнөсүндө интеллектуалдык жактан өнүкпөй калганын жана билимдин өндүрүшү жетиштүү эмес экендигин көрсөтүү үчүн түзүлөт. Айтылган эскертүүлөргө карабастан, рейтингдер университеттик деңгээлде билим сапатынын көрсөткүчү катары жана мусулман коомдорундагы кризистин терең көрсөткүчү катары да кеңири кабыл алынат. Буларга карабастан, Люистин критикасына окшогон, сын көз караштар: «Мусулман дүйнөсүнүн билим берүү системасынын бирден-бир туура жолу – эч кандай сын-пикирсиз Батыш моделдеринин изи менен баруу жана Мусулман институттарынын арасында «аксак өрдөктөр» үчүн «ийгиликтин» башкы критерийи «өткөндү толуктап жетишүү» – эл аралык рейтингдик система менен критерийлер тарабынан аныкталуучу глобалдык абалын жакшыртат» деген өңдүү божомолдор үчүн маанилүү түзөтүү болуп эсептелет.

Билим берүүнүн күчтөрүнүн бири – адамдык билимдердин өнүгүшү, бул бир кыймылдуу жол эмес, бул бир маданияттын экинчи маданиятка, бир дүйнө таанымдын, экинчисине кошулуп кетиши дагы эмес, андан көрө бул –

ар бир маданиятта, ар бир цивилизацияда бар болгон эң жакшы интеграция экендигин көрсөтүү үчүн терең жана кенен түшүнүк берүүдөн турат.

Билим бизге толук кандуу адам болуу үчүн чындыкты, маанини, максатты камтыган кемчиликсиздин универсалдуу образына жете алуучу жөндөмдүүлүктү бериши керек.

# ЭСКЕРТМЕЛЕР

Дүйнөлүк эксклюзив болгон Эльгин мраморунун, Санкт-Петербург мамлекеттик Эрмитажына ижарага берилиши тууралуу The Times басылмасынын 5/12/14 чыгарылышынан, Рассел Боссворттун Сократтын мурасы тууралуу кыска ой-пикирин бул сайттан http://www.philosophyworks.org/content/lives-plato-and-socrates, Платондун «Кечирими» Бенжамин Жоветтин котормосу http://classics.mit.edu/Plato/apology.html Deutsche Welle басылмасынан алынган "Билим бул күч: Билимдин маани маңызы" http://www.dw.de/knowledge-is-powerwhy-education-matters/a-15880356. 04/12/14 чейин жеткиликтүү. Томас Мертондун "ойдогудай жашоо" зарылчылыгы жөнүндөгү ой-пикирин, анын «Жалгыздык тууралуу ойлор» (Farrar Straus Giroux, 1993) жана Seeds (маңыз) эмгектери Роберт Инчасти тарабынан жыйналып редакцияланган макаладан алынды (Boston, MA: Shambhala Publications, Inc., 2002), 131 б. Зиауддин Сардардын эркин ой жүгүртүү боюнча баяндамасын "Эркин ойлоо чөйрөсү", «Сынчыл Мусулман» (Кооптуу эркин ой жүгүртүүчүлөр), октябрь-декабрь, 2014, 3-14-бб. Девид Бомдун кванттык психика теориясы, анын «Бүтүндүк жана тыгыз байланышкан тартип» аттуу эмгегинде (London: Routledge, 1980). Ибн Халдундун «Ассабийах (уруу) тууралуу көз карашынын Асикын Абдул Халимде каралышы. Ибн Халдундун Ассабийах жана анын азыркы мусулман коомундагы колдонулушу, теориясы I, Жакынкы Чыгыштын Илимий изилдөө журналы Middle-East Journal of Scientific Research 11:9 (2002), 1232 -1237-бб. Мухаммед (с.а.в) уруучулук (ассабиях) тууралуу айткандары Курандын 28:15 жана 49:13 аяттарында.

Ибн Арабинин «Байланыштардын токтоосуз өсүшү» концепциясын «Руханий жактан адашкан адамдарга» тиешелүү Аль-Фурухат аль-Маккиях бөлүмүнөн, (хайра) "Жүрөктүн ой жүгүртүүсү: Ибн Арабинин Меккенин Агартуудагы руханий интеллигенцияны изилдөө" Жеймс Винстон Морисиндин котормосу (Lousville: Fons Vitae, 2005), 85-б. Ахмед Мустафа жана Стефан Сперлдин «Космостук жазуу: Ыйык геометрия жана Араб кол жазмасы илими» (London: Thames and Hudson, 2014). Мухаммад Асаддын, Курандын Батыш цивилизациясына тийгизген таасири боюнча айткан сөздөрү, анын «Курандын кабарлары тууралуу алгы сөз» эмгегинен (Bath:

The Book Foundation, 2004). Ассаддын башка цитаталары да, анын бул китеп боюнча жасаган комментарийлеринен, менин Курандан алынган цитаталарым да Ассаддын котормосу боюнча (сейрек өзгөрүүлөрү менен). Батыштын тескери ою ачыкталганы тууралуу, Жек Гудинин «Тарыхтын уурдалышы» чыгармасында айтылат. (Cambridge University Press, 2006) жана Ренессанс: «Бирөө же көпчүлүкпү?" (Cambridge University Press, 2010). Жонатан Лион, Акылмандыктын ордосу: Арабдар кантип Батыш цивилизациясын өзгөртүшкөн (Bloomsbury,2009) жана Жон Хобсон, Батыш цивилизациясынын Чыгыш тамырлары (Cambridge University Press, 2004). Зиауддин Зардардын Себастян Фолктун Куранды негизсиз айыптоосуна келтирген далилдери «Куранды караңгы түндө окуу» аттуу эмгегинде" (27/8/09) жана 2/9/14 чейин төмөнкү сайтта жеткиликтүү болгон. http://www.theguardian.com/commentisfree/belief/2009/aug/27/sebastian-faulksquran-islam. Поп Франсиздин 25/11/14 Европанын Парламентине жасаган кайрылуусу, 4/12/14 чейин төмөнкү сайтта жеткиликтүү болгон http://w2.vatican.va/content/francesco/en/speeches/2014/november/documents/papafrancesco_20141125_strasburgo-parlamento-e uropeo.html.

Сөздөрдүн келип чыгуусу боюнча изилдөөлөргө Джон Айтонун салымы чоң. Bloomsbury Dictionary of Word Origins (London: Bloomsbury Publishing Limited, 1990), Касселдин Сөздөрдүн тарыхы тууралуу сөздүгү (Лондон: Cassell, 2000) жана Чэмберстин Этимология сөздүгү (Эдинбург: Chambers, 1988). Курандын диний плюрализмге болгон таасиринин негизинде, Реза-Шаха-Каземинин, "Метафизика жана бетме-бет диалог: Курандын кабарларынын универсалдуулугу тууралуу суфизмдик көз караш", Джеймс Костингер (ред.), Жүрөккө карай жол: суфизм жана христиандык Чыгыш (Bloomington, Indiana: World Wisdom, 2002). Махмуд Айюб өзүнүн баяндамасынан "Куран жана диний плюрализм" Роджер Боуз (ред.), Ислам жана дүйнөлүк диалог, диний плюрализм жана тынчтыкка карай жол (Aldershot: Ashgate, 2005) 273-б. Рабби Абрахам Хешельдин сөздөрү Ханзаада Хасан бен Талаал тарабынан цитаталанышы, Рабби Джонатан Магонеттин, Башкалар менен сүйлөшүү: «Жүйүттөрдүн мусулмандар, христиандар менен болгон бетме-бет диалогу» эмгегинде берилген. (London: I.B. Tauris, 2003), Ненси Клайндын эмгегинен алынган цитата "Ойлонуу убактысы: Угуу аркылуу адамдын акылын жандандыруу" (Лондон: Lock, 1999), 97-б. Неандертальцтардын кырылып жок болушу жөнүндөгү теориясы. «Эмне үчүн неандертальцтар жок болуп кетишкен? » (The Guardian 2/6/13) http://www.theguardian.com/science/2013/jun/02/why-didneanderthals-die-out. 1/12/14 чейин жеткиликтүү. Мен шилтеме берген плюрализм тууралуу башка эмгектерге Диана Эктин «Кудай менен сүйлөшүү» чыгармасы да кирет (Boston:Beacon Press, 1993), 198-б. Омид Сафи (ред) Мусулмандардын акыйкаттуулук жана гендердик саясат плюрализм

боюнча сабаттуулугунун өсүшү (Oxford: Oneworld Publications, 2003) 24-б. жана Халид Абу Эль-Фадл, Исламдагы толеранттуулук (Boston: Beacon Press, 2002) 16-б; Гуманитардык илимдердин негизги предмет катары прогрессивдүү түрдө Улуу Британиянын билим берүү системасынан кылдаттык менен четтетилиши Роберт Александрдин жетекчилигинде. Cambridge Primary Review (Алгачкы Кембридж Кароосу) документтештирилген http://www.primaryreview.org.uk/; Андан сырткары мен плюрализм жөнүндөгү мурунку эмгектеримден, Джереми Хензел Томастын "Плюрализмге чакыруу исламга эң кыска жол", Роджер Боуз (ред) (2005, op. cit.) 267-272-бб.

"Вавилон мунарасынын аркы жагында: Исламдагы плюрализмдин негизги маанисин тактоо үчүн лингвистикалык ыкманын колдонулушу" Wanda Krause (бас), Жарандык коопсуздук жана демократия: Мусулмандын Батыш менен болгон карым-катнашы (Richmond: AMSS UK, 2009) 32-34 бб. "Британ жана мусулмандык өз ара карым-катнаштын маанилүүлүгү", Arches Quarterly 4:8, (2011) 30-43-бб.

Диалектиканын риторикадан артыкчылыгы тууралуу Платондун окууларын, Р. Вординин "Риторика", чыгармасынан, Ж. Бруншвиг жана Г. Ллойд, (ред.), Грек ойлору - Классикалык билим үчүн колдонмо катары (Cambridge, Mass.: The Belknap Press of Harvard University Press, 2000) 465-б. Диалектика адам ойлорунун кеңейтилген түрү катары. Карл Ригер «Диалектикалык операциялар: билим алууну өнүктүрүүнүн акыркы мөөнөтү» Инсандын өсүп-өнүгүшү 16:5 (1973); жана Джеймс У. Фаулер, Ишенимдин этаптары: жашоонун маанисин табуудагы адамдын психологиялык өнүгүшү (San Francisco, CA: Harper and Row, 1981). Ролан Барт өзүнүн «Толук өздөштүрүү» эмгегинде "мугалимдин көп сүйлөгөнүн" сынга алат. (San Francisco: Jossey-Bass, 2001). Джон Тейлор Гатто «Орто билим берүүдөгү жашыруун окутуу программасы» китеби аркылуу АКШнын мамлекеттик билим берүү системасына айып тагат. (New Society Publishers, 1991). Нейл Постмандын светтик билим берүүдөгү «жалган ишенимдери» тууралуу сындарын, анын «Билим берүүнүн аягы: мектептин баалуулуктарын кайра аныктоо" чыгармасынан көрө аласыңар (NewYork: Vintage Books 1996). «Окуяларга ишенүү катачылыгы» тууралуу Нассим Николас Талебдин «Кара ак куу: чындыкка коошпогон таасир» (New York: Random House, 2007) жана Даниэль Канемандын «Жай ойлонуп, тез чечим кыл» китебинен (Лондон: Penguin Books, 2012). Френсиз Бекондун Meditationes Sacrae (1597) 1996 жана 2010-жж, Kessinger Publishing Co тарабынан басылып чыккан көчүрмө нускасын окуй аласыңар. Төрт жалган ишеним (нукура тили Novum Organum) Джеймс Д. Лестердин редакторлугунда басылып чыккан «Платондун мураскорлору» классикалык баяны (Lincolnwood: NTC Publishing Group, 1996) 53-63-бб.

Эске сактап калуунун артыкчылыгы тууралуу Майкл Нокс Берандын «Эске сактап калууну коргоо чарасында» City Journal, Summer 2004. Чыгармачылык менен билим берүүнүн бүтүндүүлүгүнүн карым-катнашы жөнүндө Роберт Вайсбергдин «Чыгармачылык жана Билим: теорияларга багыт» Роберт Дж. Стенбергдин ред. «Чыгармачылык боюнча маалымат китеп» (Cambridge: Cambridge University Press, 1999). Ipsos MORI 11/257 негизделген 14 мамлекеттеги сурамжылоосу тууралуу интервью 30/10/14 The Times гезитинде басылып чыккан.  Британиядагы диний билимдин студенттердин арасында популярдуулугу тууралуу – Л. Блейлок (ред.), “Орто диний билим тууралуу жаштардын оюн угуу» кесиптик кеңештин отчету (сентябрь, 2001-ж). А. С. Грейлингдин «Диний билим берүүнү интеллектуалдык зордук-зомбулук катары» эсептеп андан баш тартуусу «Диний мектептер моралдык лабиринтте» деген талкууда 2002-ж. 1-июнь күнү Би-Би-Си радиосунда уктурулган. Андан сырткары анын The Guardian басылмасындагы (11/9/07) «Белгисиз сыйкыр күчтөргө ишенгендердин аймагы» макаласын карагыла, 5/12/14 чейин төмөнкү сайтта жеткиликтүү болгон: http://www.guardian.co.uk/commentisfree/2007/sep/11/ghettoesofsuperstition Дорис Лессингдин “Алтын дептер” романындагы индоктринация тууралуу цитаталарын (Harper Perennial, 2007) жана Ханна Арендттин тоталитордук билим берүү тууралуу цитаталарын анын «Тоталитаризм» эмгегинен карагыла (New York: Harcourt Brace Jovanovich 1968-ж.) 168-б.

«Күчтүү өнүктүрүүнүн үч ыкмасы» тууралуу вебсайт http://www.wikihow.com/DevelopPowers. 5/12/14 чейин жеткиликтүү болгон. Карим Дугластын «Даанышмандык менен акыл-эстин ортосундагы, алгачкы Исламдык Aql (Акыл-эс менен таанып билүү) аспектилери» Islamica 3:1 (Жай мезгили 1999-ж.), 49-64-бб. Гай Клакстондун ойлонуунун түрлөрү жөнүндөгү таасирдүү көз караштарын анын «Таш баканын акыл-эси, биз аз ойлонгондо эмне үчүн интеллект улам жогорулайт» деген китебинен (London: Fourth Estate,1997). Ф. Дэвид Пит эзелки илим тууралуу изилдөөсүн өзүнүн «Блекфуут (Blackfoot) Физикасы» китебинде (London Fourth Estate,1994)

Гарри Льюистин АКШнын азыркы либералдык билим берүүсүнүн маанисинин, максат жана моралдык компасынын жоголушунун себеби – Жан дүйнөсүз мыктылык: либералдык билим берүүнүн келечеги барбы? (Public Affairs, 2007) Бул сын Дерек Меллеби тарабынан цитаталанган, веб-сайт CPU (Center for Parent/Youth Understanding) (26/8/14 чейин жеткиликтүү болгон). 2014/15-жылга карата QS сурамжылоосунун Дүйнөлүк университеттердин рейтингинин жыйынтыгы 7/12/14 чейин төмөнкү дарек боюнча жеткиликтүү болгон. http://www.topuniversities.com/qs-world-university-rankings Билим берүүгө тиешелүү түрдүү идеяларымды, ошонун катарында башка эмгектеримдеги айтылган ойлорумду, «Захра Аль-Зира – Билим берүүнүн

бүтүндүгү жана ыйыктыгы: Ислам перспективасы» китебине жазылган баш сөздү бул дарек боюнча окуй аласыңар. (Richmond: International institute for Islamic Thought, 2001) «Каршылаш аскалардын арасынан өтүү: Жалпы жана жеке окшоштуктарды баатырдык менен издөө», The Journal of Pastoral Care in Education 22:3 (2004) 35-44 бб. «Ойлонуу жөндөмдүүлүгү: Интеллектти толугу менен иштетүү» Islamica, Issue 15(2005). «Стандарттуу эмес ой жүгүртүү» Islamica, Issue 16 (2006). «Толук кандуу билим берүүнүн негизги элементтери» Islamica, Issue 17 (2016). «Мусулман жаштары жана негизги адамдык баалуулуктардын жаңыланышы: Билим берүүнүн маанилүү орду» Британиядагы Мусулман социологдорунун Ассоциациясы (AMSS) конференциясындагы негизги доклад: мусулман жаштарынын көйгөйлөрү, мүмкүнчүлүктөрү жана үмүт тилектери. (Честер университети 2009).

«Ислам жана кемчиликсиз адам», Goldman Sachs 2010-жылдын 30-сентябрында Айт майрамына карата өткөрүлгөн иш-чаранын негизги доклады. «Исламдык билим берүү: ыңгайлуу чөйрө, Аксак өрдөк – дал келүүнүн моделиби же кемчиликсиздиктин белгисиби?», Презентация Улуу Бритиниянын II Билим берүүсүндөгү Ислам контексти бөлүмүнө киргизилген, доклад профессор Ясир Сулейман тарабынан DCLG «Жергиликтүү уюмдардын иштери жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу департаментинде” даярдалган (University of Cambridge, 2012).

Формат 60x84 1/16. Печать офсетная. Объем _____ п. л. Тираж _____ экз.
Отпечатано ОсОО «ДЭМИ». Тел.: 591797

1957-жылкы атактуу англиялык окумуштуурга таандык болгон "Билим– бул Күч" деген фраза бүгүнкү күндө дагы билимдин маанилүүлүгүн баса белгилеп турат. Билим берүү системасы мектептик билим берүүдөн баштап, жогорку окуу жайга чейинки биздин инсандык өнүгүүбүздүн негизин камтып турат. Адамзат өзүнүн билимин кесиптик жана жеке жашоосунда колдонуп келет, ал эми коом – жеке адамдардын жамаатынан туруп, биз жашап жаткан дүйнөнү калыптандырат, ошондуктан, билимдин күчү – ийгиликтүү коомду түзүүнүн ачкычы болуп саналат. Бирок, көп нерселер чаташып бараткансыйт. Коом, баалуулуктар жана адеп-ахлак төмөндөп баратат. Билим берүү системасы, адилеттүү жана натыйжалуу коомду курууда өз мүмкүнчүлүгүн жоготуп койдубу? Биз бул көрүнүштөн кантип арылсак болот? Бул эмгекте автор негизги принциптерге токтолуп: "Билим деген эмне, адамдарга жана коомго билимден эмне керек?" деген суроолорго кайрылат. Ошондой эле бул эмгекте, билим берүүнү адамзаттын "жүрөгү жана жаны" менен байланыштырып, адамзаттын улуу максатын табуу биринчи орунга коюлат. Бул жерде айтылган ойлор – адамдарды материалдык жана жеке кызыкчылык багытында өнүктүргөн "Билим фабрикасынан" айырмаланат. Баалуулуктар, адеп-ахлак, боорукердик, ыраазычылык, өз ара урматтоо, адилеттүүлүк жана социалдык жоопкерчилик – бул ийгиликтүү коомду биргелешип түзгөн инсандар үчүн маанилүү сапаттар жана бул сапаттар билим берүү тажрыйбасынын аралыгында калыптанышы керек. Билим берүүнүн натыйжалуу методикасын кайра карап чыгуу жана өркүндөтүү менен, баары үчүн теңдикке жана адилеттүүлүккө негизделген мыкты дүйнөнү курууга болот

ДЖЕРЕМИ ХЕНЗЕЛЛ-ТОМАС – Кембридж университетинин ислам изилдөөлөр борборунун мурдагы илимий кызматкери. Падышачылык искусство коому (Royal Society of Arts) жана мусулман коомдук-илимпоздор бирикмеси аткаруу комитетинин (AMSS UK) мүчөсү, исламофобияга жана расизмге каршы форумдун биринчи төрагасы, ошондой эле китеп фондунун (Book Foundation) негиздөөчүсү жана мурдагы аткаруучу мүдүрү. Бул фонд Улуу Британияда кайрымдуулук уюм катары катталып, Улуу Британияда жана Америка Кошмо Штаттарында Батыштагы исламды жакшыраак түшүнүү жаатында өнөктөш уюмдар менен кызматташат. Автор – азыркы учурда «Critical Muslim» журналында редактордун жардамчысы, «Islamica» жана «Emel» журналдарында рубрикаларды көп жылдар бою жазып келген жана «The Times» гезитинин Кредо рубрикасына эбегейсиз салым кошуп келет.

Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)